Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Embassy of Switzerland in the Kyrgyz Republic
Кыргыз Республикасындагы Швейцариянын Элчилиги
Посольство Швейцарии в Кыргызской Республике

Department for International Development

UKaid from the British people

ЕККУ Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун Бишкектеги программалык кеңсеси

# 2017 ЖЫЛЫ БОЛУП ӨТКӨН ПРЕЗИДЕНТТИК ШАЙЛООДО КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ БАЙКООНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА ОТЧЕТ

Ушул басылма Щвейцариянын Кыргыз Республикасындагы элчилигинин техникалык колдоосу,Улуу Британиянын Кыргызстандагы Эл аралык өнүктүрүү Министирлигигинин колдоосу жана ЕККУнун Бишкектеги программалык кеңсесинин колдоосу астында даярдалды. Басылманын материалдары донорлордун расмий көз карашын чагылдырбайт. Басылманын мазмуну үчүн «Жарандык Платформа» КФ жоопкерчилик тартат.

ЖАРАНДЫК ПЛАТФОРМА

# МАЗМУНУ:


| | | |
|---|---|---|
| I. | РЕЗЮМЕ | 2 |
| II. | МЫЙЗАМДЫК БАЗА | 4 |
| III. | ШАЙЛООНУ УЮШТУРУУ | 5 |
| IV. | ЖМКЛАРГА МОНИТОРИНГ | 15 |
| V. | УЧАСТКАДАН ТЫШКАРЫ ЖЕРДЕ ДОБУШ БЕРҮҮ) | 19 |
| VI. | 2017-ЖЫЛ 15- ОКТЯБРЬ ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮ | 22 |
| VII. | СУНУШТАМАЛАР | 28 |

# «ЖАРАНДЫК ПЛАТФОРМА» КООМДУК ФОНДУНУН 2017 ЖЫЛЫ БОЛУП ОТКОН ПРЕЗИДЕНТТИК ШАЙЛООДО ӨТКӨРГӨН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ БАЙКООСУ БОЮНЧА ОТЧЕТУ

«Жарандык платформа» коомдук фонду өткөрүлгөн реформаларды баалоо үчүн шайлоо процессинин натыйжалуулугун жогорулатууда мамлекеттик жана мамлекеттик эмес институттардын баарына көмөк көрсөтүү, ошондой эле мыйзам чыгаруучулук жана укук колдонуучулук базанын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында шайлоолорго көз карандысыз байкоону жүзөгө ашырды.

Көз карандысыз байкоо жүргүзүү 15 узак мөөнөттүү жана 500 кыска мөөнөттүү байкоочулар тарабынан ишке ашырылган жана өлкөнүн 12 шаарын өз кулачына алган: Бишкек, Ош, Жалал-Абад, Баткен, Талас, Нарын, Каракол, Токмок, Кара-Балта, Кара-Суу, Кызыл-Кыя, Өзгөн. Биздин отчеттор шайлоочуларды жана талапкерлерди каттоо, саясий өнөктүктүн мүнөзү, ишмердүүлүгү түздөн-түз шайлоолорду даярдоого жана өткөрүүгө багытталган мамлекеттик институттардын иши, өнөктүктүн ЖМКда чагылдырылышы, шайлоо боюнча келип чыккан талаштар тууралуу коомчулукка кабар берет, шайлоо процессинин канчалык деңгээлде өлкөнүн улуттук мыйзамдарына жана таза шайлоолорду өткөрүү боюнча эл аралык стандарттарга шайкеш келерине жана ошону менен бирге процедуралар, добуш берүү жыйынтыктары жана шайлоонун натыйжалары талапкерлердин жана шайлоочулардын ишенимине татыктуубу же жокпу ошолор тууралуу чагылдырып турат.

## I. РЕЗЮМЕ

- КР президентин шайлоолордун алдындагы мезгил, жарандардын бийликтин формалдуу институттарына болгон ишенбөөчүлүгүнүн старт алышы менен мүнөздөлөт. Өлкө бийлиги жылдын башында сөз эркиндигине жана оппозициялык партиялардын жана ишмерлердин ой пикирине басым көрсөтүүгө багытталган, жарандардын тынчтык жолугушууларын жана пикеттерди уюштурууга болгон конституциялык укуктарын чектөөгө багыт алган иш-чараларды кабыл алуу менен баштады, бул өз кезегинде, жарандардын чечимдерди кабыл алууга катышуусуна, Кыргыз Республикасынын Конституция тарабынан кепилдик берилген эркин эрк билдирүүсүнө жана тандоо укугунан четтетти. Шайлоо алдындагы шайлоо мыйзамдарындагы өзгөртүүлөр эчак эле “буйрутма” мүнөзгө ээ болгон, айрыкча, бул талапкерлер үчүн олигархиялык негизди койгон каржылык маселелерине тиешелүү ченемдерде чагылдырылган, анткени алардын шайлоо фондуна түшкөн жеке жана ыктыярдуу түрдө жарандардан түшкөн каражаттары жомоктогудай суммага жетти, ал эми каражат фондун түзүүгө жана шайлоо өнөктүгүн өткөрүү үчүн чыгымдардын чектүү суммасына болгон талаптын жоктугу айрыкча өлкө калкынын жашоо тиричилигинин төмөн деңгээлинин фонунда кээ бир талапкерлердин шайлоо өнөктүгүнүн каражаттарынын адаттан тыш жогорулашына алып келди.
- Шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы (БШК) башкарган шайлоолорду өткөрүү боюнча үч деңгээлдүү система жалпы техникалык даярдыкты жана керектүү чечимдерди өз убактысында кабыл алынышын камсыз кылды.
- Президенттик постко күрөшүүчүлөрдүн санынын көптүгүнө карабастан 59 (элүү) адам, керектүү сандагы колдорду чогултуу жана берүү, чогултулган колдордун жараксыз деп табылышынын критерийлери каттоо процессин бир кыйла татаалташтырды. Негизинен бул нерселер жарактуу колдордун жетишсиз санда чогултулганы жана каттоо үчүн зарыл документтердин пакети толук эмес түрдө берилгендигинин себебинен улам болду. БШК өтө эле чектөөчү ички жоболорду

түздү жана кээ бир учурларда чогултулган колдорду жарактуу деп таанууга негизсиз тоскоолдуктарды коюп койду. Мында мыйзамдардагы тактоолор акыркы моменттерде кабыл алынып жатты, "Президентти жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү" Конституциялык мыйзамдын өзү да, кийинки ченемдик актылар да. Президенттике 13 талапкерди каттады, алардан 5 (беш) талапкер саясий партиялар тарабынан көрсөтүлсө, калган 8(сегиз) талапкер өзүн – өзү көрсөткөндөр.

- Бишкек шаарынын Биринчимай райондук сотунун чечимине ылайык 2017 жылдын 27 июлдан тартып 20 октябрга чейин шаардын кээ бир жерлеринде тынчтык акцияларын жана башка чогулуштарды өткөрүүгө тыюу салынган. Бул чечим кабыл алынгандан кийин жарандардын чогулуш өткөрүүгө багытталган конституциялык укуктары чектелип,мамлекеттик жана муниципалдык органдардын мүчөлөрү үчүн чогулуш же митинг өткөрүүгө чектөө салууга жол ачты.
- Шайлоочулардын тизмеси шайлоо комиссиялары жана Мамлекеттик каттоо кызматы тарабынан шайлоочулардын арыздарынын негизинде тууралaнды. Шайлоочулардын борборлоштурулган регистрин түзүү, шайлоочулардын көп жолу каттоодон өтүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат. Шайлоочулардын саны шайлоочулардын акыркы толук биротоло тизмесинде (2017-жылдын 4-октябрына карата) 3 млн. 25 миң 768 жаранга жетти. Бирок, «шайлоо дарегин» колдонуу менен байланышкан катаалдыктар, аягына чейин иштеп чыгууну талап кылган зарылчылыктын бар экендигине багыт көрсөттү.
- Шайлоо алдындагы үгүт 10-сентябрда башталган. Шайлоо алдындагы жарышка 13 талапкер катышкандыгына карабастан шайлоо алдындагы үгүттө эң эле башынан бир катар талапкерлер лидерлик кылышты. Бирок коомчулуктун көңүлү көбүнчө С.Жээнбековго жана Ө. Бабановго бурулду. Алардын каршылыгы көптөгөн эксперттер тарабынан административдик ресурска жана акчага каршы туруу катары бааланды.
- 100дөн ашуун даттанууну БШК каттады. Көпчүлүк даттануулар ачык отурумдарда каралды ал эми аларды карап чыгуунун натыйжаларын жарыялоо, бул шайлоо өнөктүгүндөгү олуттуу жетишкендик болду. Негизинен даттануулар талапкерлерди каттоо, шайлоо алдындагы үгүт эрежелерин бузуу жана ошондой эле административдик ресурстарды кыянаттык менен колдонууга байланыштуу. Коомчулукта административдик ресурс катары мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар, бюджетчилер пайдаланылып жаткандыгы тууралуу маaалыматтар айтылса да ушул маселе боюнча келип түшкөн бир нече арыз коомдук резонансты пайда кылды. Калган даттануулар далил базасынын аздыгына байланыштуу четке кагылды.
- Шайлоо өнөктүгүнүн эң эле чуулгандуу окуясы боюнча арыз БШКна Ө. Бабановдун Ош шаарындагы "Он Адыр" айылындагы чыгып сүйлөгөн сөзүнөн кийин келип түшкөн. Ош шаарынын тургундарынын атынан аксакалдар кеңеши, жарандар жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү БШКна талапкердин чыгып сүйлөөсү боюнча анын иш-аракеттерине карата тиешелүү чара көрүү өтүнүчү менен кайрылышкан. Бул маселе БШКнын кароосунда жатат. Мындан аркы Бабановдун тарапташтарынын арестке алынышы өлкөнүн түштүк аймагында кооптонуу коркунучун жогорулатты. Коомчулук укук коргоо органдарынын жана коопсуздук органдарынын ишинин жыйынтыктарын күтүп жатышат.
- ЖМКнын эркиндигинин укуктук негиздерине карабастан Кыргызстанда медия мейкиндиги бир канча ирет кысым көрсөтүүлөргө кабылышкан бул тийиштүү түрдө ЖМКнын өзүн-өзү цензуралоосун жогорулатып жана өлкөдөгү сөз эркиндигинин рейтингинин түшүүсүнө алып келет.
- Акысыз эфир убактысы талапкерлердин программаларын жашоочулар менен

тааныштыруу мүмкүнчүлүгү катары колдоно алгыдай алардын ортосунда бөлүштүрүлдү. Талапкерлердин теледебаттары борбордук мамлекеттик каналда онлайн режиминде трансляцияланды, андан тышкары талапкерлердин жарыш сөздөрү ар түрдүү интернет сайттарда жайгаштырылды. Мунун баары шайлоочуларга талапкерлер тууралуу объективдүү маалыматтарды алардын өздөрүнөн түздөн-түз алуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтти. Анткени дебаттардын башталышына чейинки каржылык, саясий жана медия ресурстарына болгон жеткилүктүүлүк талапкерлерди теңсиздик шарттарына кептеди. Кээ бир талапкерлердин белгилүү бир артыкчылыктары мамлекеттик каналдарда байкалды, аларды С. Жээнбековдун пайдасына көмүскө үгүт жүргүзүү деп мүнөздөөгө болот, ошондой эле НТС телеканалында Ө. Бабановдун ишмердүүлүгүн пропогандалоо боюнча көрсөтүүлөр берилди. Эки канал тең тикелей же кыйыр түрдө шайлоочулардын добуштарын сатып алууга жана административдик ресурстарды колдонууга катыштыгы бар талапкерлер тууралуу маалыматты шайлоочуларга жеткирди.

- Добуш берүү күнүнө карата техникалык даярдыкты биз канааттандырарлык деп баалайбыз. Бизден аккредитациядан өткөн көз карандысыз байкоочулардын шайлоого катышуу процедураларынын өзгөрүшү менен келип чыккан бир катар татаалдыктар жетишерлик түрдө БШКсы тарабынан абдан жакшы жөнгө салынган. Добуш берүү процессинин өзүнө мониторинг жүргүзүүгө уруксат берүү биз тараптан түздөн –түз шайлоо күнү бааланат.
- Бул шайлоодо шайлоочулардын аз келгендигин белгилөө керек(катталган шайлоочулардын болжол менен 56%зы), бул биздин жарандардын саясий жигердүүлүгүнүн төмөн экендигинен кабар берет.
- Көпчүлүк шайлоочуларда саясий жана укуктук маданияттын жоктугу өткөрүлгөн шайлоолордо администартивдик ресурстун колдонулушуна жана шайлоочуларды сатып алууга, ошону менен бирге айрым талапкерлерге карата кара пиардын маанилүү өлчөмдө колдонулушуна алып келди. Бирок көп кабарлар анонимдүү түрдө келип түштү жана тийиштүү далилдер камтылбагандыктан, айыпкерлерди табуу аларды жоопкерчиликке тартуу үчүн иликтөө жүргүзүүгө жетишсиз болду.
- Байкоого алынган шаарлардагы укук бузуулар аныкталганына карабастан, добуш берүү процессинин өзү, кээ бир участкалардагы шайлоочулардын эрк ниетин билдирүүсүн көзөмөлгө алууну кошпогондо, бизде эч кандай даттанууну жаратпайт.

## II. МЫЙЗАМДЫК БАЗА

2017-жылдын 15-октябрында Кыргыз Республикасында президенттик шайлоолор өткөрүлмөкчү. Кыргызстандын мыйзамдарына ылайык, Президент 6 жылдык мөөнөткө шайлоого экинчи жолу катышуу укугусуз шайланат. Шайлоого катышкан жана биринчи турда шайлоочулардын добуштарынын жарымынан көбүн топтогон талапкер, тандалган талапкер деп эсептелинет. Эгерде талапкерлердин бирөөсү да добуштардын жарымынан көбүн топтой алышпаса, анда эң эле көп добуш топтогон эки талапкер ортосунда кайра шайлоо дайындалат. Экинчи тур биринчи турдун жыйынтыктары жарыялангандан тартып эки жумалык мөөнөттөн эрте эмес өткөрүлөт. (болжол менен 19-ноябрда). Президенттик шайлоонун укуктук негиздери болуп 2010-жылдагы Конституция жана бир катар укуктук ченемдик документтер, ошону менен бирге шайлоо процессинин негизги аспектилерин жөнгө салууга ыйгарым укуктуу КР БШК тарабынан чыгарылган мыйзамдык Актылар эсептелинет. Шайлоонун болжолдолгон биринчи датасы 19-ноябрда болгонуна карабастан талаштуу талкуулоолордон кийин парламентте башка бир катар маанилүү өзгөрүүлөр менен бирдикте шайлоонун акыркы датасы 2017-жылдын 15-октябрына аныкталды (Шайлоо күнүнүн жылдырылуусу жөнүндөгү кыскача маалымат №1-тиркемеде). Шайлоо

алдында шайлоо мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү адаттагы көрүнүш болуп калды. Шайлоо эрежелерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу шайлоолордун өзүн өткөрүүгө чейин коомдук талкууга алынуу шарттарында коомчулуктун берген сунушуна карабастан «Президенттин жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамы жетишерлик деңгээлде чоң өзгөрүүлөргө кабылды [1].

## III. ШАЙЛООНУ УЮШТУРУУ

### Шайлоо комиссиялары

Шайлоо мыйзамдарына ылайык, шайлоо комиссиялары шайлоого даярдоону жана өткөрүүнү уюштурат, жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашырууну жана коргоону камсыз кылат.

КР шайлоо комиссияларынын бирдиктүү тутумун төмөнкүлөр түзөт:
1) Аймактык шайлоо комиссиялары (АШК);
2) Борбордук шайлоо комиссиясы (БШК);
3) Участкалык шайлоо комиссиялары (УШК).

2017-жыл 15-сентябрга карата шайлоо комиссияларынын бирдиктүү тутуму төмөнкүлөрдү камтыды: БШК, 54 АШК жана 2375 УШК (алардан 38зи кошумча), алардын ичинен 37 УШК өлкөнүн чегинен тышкары жайгашкан.

Шайлоо процессинин натыйжалуу ишмердүүлүгү үчүн БШК жумушчу топторун түздү[2]. Ошентип, БШК ишинин процедураларындагы өзгөрүүлөрдүн бири ар түрдүү багыт боюнча жумушчу тобунун түзүлүшү болду жана кечиктирилгис чечүүнү талап кылган баардык маселелердин алардын отурумунда алдын ала каралышы, тез арада чечүүнү талап кылган маанилүү маселелерди кароо процесси анчейин ыкчам болбой калды, маанилүү маселелер боюнча чечимдердин кабыл алынышы бир топ кармалды. Бул болсо азыркы учурду айтпаганда да жол берилгис нерсе, мамлекет жаңы Президентти тандоого даярданып жатат жана баардык процедуралар мыйзамда белгиленген тартипте кыска мөөнөттө өткөрүлүүгө тийиш.

БШК ишиндеги иш-аракеттердин так алгоритминин жоктугу ошондой эле анын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугунда да терс чагылдырылды. Анын натыйжаларынын бири катары, БШК жумушчу топтору иш жүзүндө бири-бири менен эч кандай өз ара аракеттенишпейт, жада калса, БШК мүчөлөрүнүн өздөрү да жумушчу топторунун иши тууралуу маалымат алышпайт. БШК кээ бир мүчөлөрү топтун ишмердүүлүгүнө ар дайым эле катыша беришпейт. БШКнын учурдагы курамында ички чыр-чатактар байкалды, ал тууралуу маалымат коомчулукка 20-сентябрда БШКнын 4 мүчөсүнүн пресс-конференциясынан кийин маалым болуп отурат. Алар конференцияда, жумушчу топтун чечимдеринин долбоорлору аларга таанышуу үчүн алдын ала берилбей жаткандыгын айтышкан.

Ошону менен бирге белгилейбиз, Президенттик өнөктөштүктүн башталышында БШК тарабынан анын отурумдарында байкоочулардын жана журналисттердин катышуусун жасалмалуулук менен чектеп койгону байкалды, БШКнын алдыдагы отурумдарынын датасы, убактысы тууралуу, отурумдарга чакыруу барагын алдын ала алуу жөнүндө сөз кылганды кое туралы, жада калса бул тууралуу эч кандай маалымдалган эмес. БШК отурумунун ордуна жумушчу топтун отуруму өткөрүлөт деп ушуга шилтеме жасап, журналисттерди жана байкоочуларды БШКнын имаратына киргизбей койгон учурлар да кездешпей койгон жок. Мында, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум

[1] Кыргыз Республикасынын шайлоо жөнүндө  мыйзамдагы өзгөрүүлөр тууралу анализ жүргүзүү http://platforma.kg/?p=7865
[2] https://shailoo.gov.kg/ru/CIKBShK/rabochie_gruppyjumushchu_toptor/

өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» КР мыйзамы шайлоо комиссиялары өз ишмердүүлүгүн айкындуулук жана ачыктык принциптеринин негизинде жүргүзөт деп белгилеген жана БШК отурумдарында мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү, саясий партиялар, коммерциялык эмес уюмдар, жалпыга маалымдоо каражаттары, талапкерлер, демилгечи топтун өкүлдөрү, байкоочулар, эл аралык байкоочулар катышууга укуктуу[3]. Ушул принциптердин духуна ылайык, мыйзамда тикелей чектөөлөрдүн жоктугунда, БШК ишмердүүлүгү менен байланышкан баардык иш-чаралар ачык жана айкын кызыкдар байкоочулар жана журналисттердин катышуусунда өткөрүлүүгө тийиш.

Кээ бир коомдук уюмдардын жана жада калса, БШКнын айрым мүчөлөрүнүн мындай практикага жол бербөө боюнча жалпы кайрылуусунан кийин кырдаал бир кыйла жакшы жака өзгөрдү.

Азыркы учурда БШК отурумдарын трансляциялоо жүрүп жатат, ошону менен бирге, кызыкдар тараптардын отурурумдарды чагылдыруу механизмдери жолго коюлду.

БШКдагы азыркы жаралып жаткан бардык кырдаалдар, коомчулуктун сын пикирлеринен кийин БШКнын иш-аракеттери, Кыргызстандагы алдыдагы шайлоолордун ачыктыгына жана тазалыгына жана алардын жыйынтыктарына коомчулуктун жана жарандардын ишенимин жогорулатуу үчүн ачык процедураларды түзүүгө даяр экендиги жөнүндө күбөлөндүрүп турат.

Белгилей кетүүчү нерсе, президенттик шайлоо процессинде БШК жана МКК саясий партиялардын өкүлдөрүн, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн, жалпыга маалымдоо каражаттарын, коомдук уюмдарды жана жада калса бир катар мамлекеттик ведомстволорду жана мекемелерди алдыдагы шайлоолорду өткөрүү боюнча негизги жоболорго жана мамлекеттик жана жергиликтүү башкаруу органдарынын ролу тууралуу окутуу үчүн өз мүмкүнчүлүктөрүн колдонушту. ЖМК аркылуу маалымдоону да канааттандырарлык деп белгилөөгө болот, бирок шайлоо участкаларындагы шайлоочулар үчүн басылма материалдарынын жетишсиздиги шайлоочуларга шайлоонун жаңы эрежелери жана өзүн шайлоочулардын тизмесинен тактоонун маанилүүлүгүн, ошону менен бирге тизмеден тактоо процессинин тартиби жөнүндөгү толук маалыматтарды алууга мүмкүндүк бербейт.

Ал эми төмөн турган шайлоо комиссиялары тууралуу айта турган болсок, комиссияда иштөө бир канча себептер боюнча жөнөкөйлөтүлгөн. Биринчиден, алардын ишмердүүлүгүн кеңейтүү үчүн мыйзамдык механизм иштелип чыкты, жана атап айтканда ушул себептен улам азыркы учурда мурдагы шайлоолор сыяктуу комиссия мүчөлөрүнүн массалык агылып чыгуусу орун албайт. Материалдык-техникалык базанын жабдылышы да канааттандыралык деп бааланышы мүмкүн, эгерде жабдууларды өлкөнүн алыскы региондоруна жеткирип бериле элек алгачкы күндөрдү эсептебегенде.

Белгилей кетүүчү нерсе, Бишкек АШКсы Бишкекте президенттик шайлоолорго мониторинг жүргүзүүнү каалаган жарандык уюмдардан шайлоолорго байкоо жүргүзүү боюнча ишмердүүлүгүндө белгиленген уставдарынын көчүрмөсүн берүүнү талап кылуу менен ансыз да коомдук байкоочулардын аккредитациядан өтүүсүнүн жетишерлик татаал процедураларын оордотууга аракет жасады. Жарандык уюмдар БШКсында ушул талаптын маанисиз экендигине карата салмактуу аргументтерди келтирүү менен бул маселени талкуулагандан кийин БШКсы, жарандык уюмдардын ой-пикири менен макул болуп, коомдук байкоочуларды каттоо боюнча процедураларды так жөнгө салуу менен коомдук байкоочуларды аккредитациялоо жөнүндө өз жобосун акырына чейин иштеп чыкты. Мунун натыйжасында Бишкек АШКсы өз чечимин өзгөртүүгө аргасыз болуп,

[3] «КР шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» КР мыйзамынын 3-16-беренелери

жарандык уюмдардан алардын уставдарын кошумча окуп үйрөнүүсүз, байкоочу катары аккредитация үчүн документтерди кабыл алууну баштады.

**Президенттик кызматка талапкерлерди каттоо**

Мыйзамга ылайык талапкерлерди Президенттикке көрсөтүү укугу

1. Жарандардын өзун өзу көрсөтуу жолу менен
2. Шайлоолорду дайындоо жөнүндөгү чечимдин расмий жарыяланган күнүнө карата белгиленген тартипте каттоодон өткөн саясий партияларга;

Президент болуп 35 жаштан төмөн эмес жана 70 жаштан жогору эмес, чет мамлекеттин жарандыгы жок, мамлекеттик тилди билген жана республикада жалпысынан 15 жылдан кем эмес жашаган Кыргыз Республикасынын жараны шайлана алат.

Катталуу үчүн Президенттин кызматына талапкерге төмөнкү талаптар зарыл:

1) Талапкер 30 минден кем эмес шайлоочунун колу менен колдоого алынышы керек (Колдорду чогултуунун тартиби БШКнын тийиштүү Нускамасында[4] белгиленген).
2) Мамлекеттик тилди билүү деңгээли жөнүндөгү сертификат (сертификаттын көрсөтүлбөшү каттоодон баш тартууга негиз болуп эсептелет).

Президенттин кызмат ордуна талапкер көрсөтүлгөндөн кийин 5 календардык күндүн ичинде шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоо үчүн өзүнүн шайлоо фондун түзүшү керек эле. Президенттин кызматына талапкер каттоого чейин жана берилген документтери текшерилгенден кийин, жеке каражаттарынан же өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынан БШКнын атайын эсебине 1 млн. сом өлчөмүндөгү шайлоо күрөөсүн төгөт. Эгерде добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын 5 пайыздан кем эмеси анын талапкерлигин колдоп добуш берсе, шайлоо өткөрүлгөндөн кийин төгүлгөн шайлоо күрөсү талапкерге кайтарылып берилиши керек.

Талапкерди каттоодон баш тартуунун негиздери төмөнкүлөр болуп эсептелет:

- талапкерди каттоо үчүн зарыл болгон документтерди бербөө;
- талапкерди колдогон шайлоочулардын колдорунун жетишсиз санда берилиши; талапкердин солгун шайлоо укугунун жоктугу;
- шайлоо жөнүндөгү мыйзамдарда белгиленген учурларда талапкердин өзүнүн шайлоо фондун түзбөөсү;
- кызмат орундук же кызматтык абалынын артыкчылыктарынан пайдалануусу.

Баары биригип 59 адам арыз берген, алардан 48зи өзүн-өзү көрсөткөндөр, ал эми 11 талапкер саясий партиялар тарабынан көрсөтүлгөн. Жалпы жонунан БШК 59 адамдын арызын алып, алардан 9зу талапкерлердин өздөрү тарабынан кайра чакыртылып алынды, ал эми 37 талапкердин арызы юридикалык талаптарга туура келбегендигинен улам четке кагылды. Бир талапкер өзүнүн талапкерлигин каттоодон кийин алып салды. Президенттик жарышка 13 адамга уруксат берилди.

Талапкер Ө.Текебаевди каттоо процесси эң чоң резонансты жаратты, ал президенттик шайлоонун старт алуусу жарыялангaнга чейин эле жазык кылмышын жасоодо айыпталып убактылуу кармоочу жайында отурган. Натыйжада анын кыймылына болгон физикалык чектөөлөр мамлекетттик тилди билүүгө тестке жана шайлоо фондун тескөөгө (атайын эсеп) иш жүзүндө уруксат бербөө кырдаалын түздү.

Текебаевдин УКМКнын убактылуу кармоочу жайында кармалышына байланыштуу талапкердин өкүлү БШКна КР Президенттигинин алдындагы мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссияда экзамен берүүгө мүмкүнчүлүк түзүп берүү өтүнүчү менен кайрылган.

Анткени БШК кайрылууну мыйзамда белгиленген мөөнөттө караган жок жана өкүл сотко кайрылган. Сот БШКнын аракетсиздигин мыйзамсыз деп тааныды. Анын натыйжасында

[4] Шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча КР Борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 17-июнундагы №165 токтому менен бекитилген.

БШК мындай мүмкүнчүлүктү караган ченемдин мыйзамда жок экендигине шилтеме жасоо менен өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартты. Бирок, биздин оюбуз боюнча, БШКнын Президенттик шайлоонуну даярдоо жана өткөрүүнү координациялоочу орган катары кайрылууну УКМКда (конвой камсыз кылуу менен) кароо жана Улуттук комиссияда талапкердин тест берүүсүн кабыл алуу мүмкүнчүлүгү бар болчу.

Күтүүсүздөн, мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссия демилгени колго алып, өзүнүн кызматкерин 17-августта тил боюнча Текебаевден экзамен алуу үчүн жиберген, ал талапкердин жазуу жүзүндөгү жоопторун алган (натыйжада талапкер 93,75 упай алган).

«Жарандык платформа» КФнун талабына карата комиссияда такталгандай, талапкерден тест алуу 2017-жылдын 15-августундагы №195 буйругу чыккандан кийин ишке ашкан, алардын мындай аракетине Текебаевдин өкүлү А. Жолдошбековдун 2017-жылдын 11-августунда комиссияга кайрылуусу себеп болгон.

***Талапкерди колдоо үчүн кол коюу баракчалары.*** Текебаевди кодоого чогултулган 38 643 шайлоочулардын колдору менен байланыштуу кырдаал да жөнөкөй эмес эле, 2017-жылдын 17-августунда БШК өз жыйналышында Жумушчу тобунун кол коюу баракчаларын кабыл алуу жана текшерүү боюнча маалыматын угуп, аларды жараксыз деп таануу жөнүндө чечим кабыл алган.

Мындай чечимдин кабыл алынышына «Президенттик кызматка талапкерди колдоого шайлоочулардын колдорун чогултуунун тартиби жана талапкер же алардын өкүлдөрү тарабынан берилген кол коюу барактарындагы колдордун жеткиликтүүлүгү жөнүндөгү» НУСКАМАНЫН 57-пункту кызмат кылган, ага ылайык, талапкердин шайлоо фондунун каражаттарынан кол коюу барактарын даярдоо үчүн акча төлөп берүү күнүнө чейин чогултулган шайлоочулардын баардык колдору жеткиликсиз деп таанылат.

Мына ошентип, БШК алдындагы Контролдук-ревизиялык топтун маалыматы боюнча 2017-жылдын 17-августунда талапкер Текебаевдин шайлоо фондунун эсебине эч кандай акча каражаттары түшкөн эмес. Ушуга ылайык, 38 643 колдор менен кол коюу барактарын даярдоо үчүн акча төлөнгөн эмес жана жумушчу топтун текшерүүсү үчүн берилди.

Талапкердин өкүлдөрү Бишкек шаарынын райондор аралык сотуна БШКнын чечимине даттануу менен кайрылышкан. Алар банктагы эсептер боюнча бүтүмдөрдү түзүү үчүн талапкерде физикалык мүмкүнчүлүк болбогонун, анткени банк колдордун үлгүлөрү коюлган нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн карточканы талап кылганын жана бул үчүн талапкердин паспортунун керек болгонун, бирок паспорт кылмыш иши боюнча материалда экендигин көрсөтүшкөн.

Текебаевдин жактоочусу сотто шайлоо мыйзамдарынын талаптарына ылайык процедураларды өткөрүү мүмкүнчүлүгү үчүн соттолуучунун паспортун берүү өтүнүчү менен кайрылып андан майнап чыкпаганын белгиледи. Натыйжада ачылган эсепти тескөө жана аны менен болгон операцияларды ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Талапкердин өкүлдөрү кол коюу барактарына иш жүзүндө акча төлөнгөнүн белгилеп кетишти жана тиешелүү төлөө жөнүндө документтерди, келишимдерди көрсөтүштү.

Биринчи баскычтагы соттун кароосунун жыйынтыктары боюнча, ал эми кийинчерээк Жогорку сот талапкердин өкүлдөрүнүн даттануусун канааттандыруудан баш тартты. Жыйынтыгында, 4-сентябрда БШКсы Президенттикке талапкер Текебаевди аны колдоого чогултулган колдордун жеткиликсиздигине байланыштуу аны талапкер катары каттоодон баш тартты.

Жогоруда айтылгандарды кыскача баяндоо менен төмөнкү тыянактарга келүүгө болот:

1. Кылмыш ишин козгоо жана жаранды шектүү катары жоопко тартуу аны кармоого себеп болот жана физикалык түрдө анын кыймылын чектеп коёт. Иш жүзүндө- анын шайлоо же шайлануу укугун ишке ашыруусуна кошумча тоскоолдуктарды түзөт же чектейт. Анын ичинде мыйзамга ылайык зарыл кыймыл-аракеттерди жасоого – мамлекеттик тилди

билүүгө экзамен берүүгө, өзүнүн шайлоо фондун-банк эсебин тескөө мүмкүнчүлүгү чектелет.

2. Текебаев менен болгон конкреттүү кырдаалда БШКсы солгун позицияны ээлөө менен келип чыккан кырдаалды чечүүгө болгон кызыкдардыгын көрсөтүүдөн баш тартты. Мында алар өздөрүнүн аракетсиздигин формалдуу түрдө негиздөө менен чектелишти. БШКнын Бишкек шаары боюнча аталган кошумча 33 УШК түзүү жөнүндөгү чечимин (кийинчерээк аны өзүнүн жобосу менен жөнгө салган) мисал катары келтирсе да болчудай эле (Конституциялык мыйзамда мындай өңдөгү кошумча УШКрын түзүү каралган эмес эле).

**Башка талапкерлерди каттоодон баш тартуу**

4 сентябрда БШК өзүнүн жыйналышында Президенттике талапкер А. Кельдибековду соттуулугунун алынып салынбагандыгынын негизинде каттоодон баш тартты. КР Жогорку сотунун алдындагы Сот департаментинин маалыматы боюнча талапкер соттун чечимине ылайык, 10 млн сом өлчөмүндөгү айып пулду төлөдү. Акыркы төлөм 2016-жылдын 8-ноябрында ишке ашырылган. Соттуулук Жогорку соттон алынган түшүндүрмөгө ылайык, 1 жылдан кийин алынып салынат- башкача айтканда 2017-жылдын 8-ноябрында. «КР Президентин жана КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү» Конституциялык мыйзамдын 3-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, мыйзамда белгиленген тартипте соттуулугу алынып салынбаган же өчүрүлбөгөн жактар Президенттик кызматка жана Жогорку Кеңештин депутаттыгына шайланууга укуксуз.

Жыйналышта катышып отурган Келдибеков Конституцияда жарандын шайланууга болгон укугун чектеген ченемдердин жоктугуна таянуу менен, жаш курака жана талапкерди колдоого 30 миң кол тамга керек экендиги тууралуу чектөө гана бар экендигин айткан. Ошону менен бирге, ал БШК мүчөлөрүнүн көңүлүн Көз карандысыз Өлкөлөрдүн Кызматташтыгынын катышуучу-мамлекеттериндеги шайлоо укуктары жана эркиндиктери демократиялуу шайлоолордун стандарттары жөнүндөгү Конвенцияга бурду, Конвенцияга 2002-жылы 7-октябрда Кишинев шаарында кол коюлган. Конвенциянын 18-беренесине ылайык, сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылган жана соттун өкүмү боюнча эркинен ажыратылуучу жайларда кармалган жарандар шайлоого жана шайланууга укуксуз. Ал соттун өкүмү боюнча эркинен ажыратылган жок жана ага айып пулдун салынышы анын талапкер катары катталуусуна тоскоолдук болуп эсептелбейт.

Ошол эле жыйналышта БШК Президенттике талапкер И. Масаливди колдоого чогултулган колдордун Жумушчу топ тарабынан текшерүүнүн жыйынтыктарын карады. Жыйынтыгында текшерүүнүн протоколун бекитүү жөнүндө чечим кабыл алынып, берилген 36 673 колдон шайлоочулардын 30 470 колун жараксыз деп, ал эми 6203 шайлоочулардын колун жеткиликтүү деп тапты. Ошентип, БШКнын алдындагы контролдук-ревизиялык топтун маалыматы боюнча 2017-жылдын 18-августуна чейин талапкердин шайлоо фондунда эч кандай чыгымдар жүргүзүлгөн эмес. Берилген колдордун көпчүлүк бөлүгү ошол күнгө чейин топтолгон.

Мыйзамдарга ылайык, талапкерлерге шайлоочулардын колдорун чогултуу боюнча жумуштарга, шайлоо алдындагы үгүттү ишке ашырууга, башка шайлоо алдындагы үгүттү ишке ашырууга алардын шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттарынан башка акча каражаттарын пайдаланууга тыюу салынат. Ал эми кол коюу барактары талапкердин жеке шайлоо фондунан каржыланат жана кол коюу барактарын даярдоого шайлоо фондунун каражаттарынан төлөө күнүнө чейин чогултулган шайлоочулардын баардык колдору жараксыз деп эсептелет.

Камилла Шаршекеева, Турсунбек Акун, Карасартова, Шайымбетова, Чороев, Асанбеков, Кожогулов, ошону менен бирге Канатбек Исаев, жараксыз жана жарактуу колдордун жетиштүү санда эместиги боюнча талапкерлер катары каттала алышкан жок.

Талапкерлер үчүн кол чогултуу боюнча эң эле оор процедура бул чогултулган колдорду жарактуу деп табуудагы кыйынчылыктар болду. Негизги мыйзамда жана шайлоо жөнүндө мыйзамдарда талапкерлерди шайлоочулардын колдоо талабы бар экендигине карабастан, ички регламентация шайлоочулардын колдорунун жарактуулугунун өзүн аларды топтоо механизмине алмаштырды. Башкача айтканда, шайлоочулардын колдору туурабы же туура эмеспи алар өздөрүнүн жарактуулугуна баа бере алышпайт.

Президенттик жарышка катышууга түздөн-түз уруксаты жок талапкерлер тарабынан киргизилген шайлоо күрөөлөрүн кайтарып берүү кырдаалын белгилөөгө арзыйт. Мунун себеби бул маселени жөнгө салган ченемдин жоктугу(мыйзамга ылайык күрөө шайлоонун жыйынтыктары боюнча талапкер шайлоочулардын добуштарынын 5 пайызын алганда кайтарылып берилиши керек). Бирок БШКсы ачыктыкты киргизүүнү чечти жана каттоодон өтпөгөн талапкерлерге шайлоо күрөөсүн кайтарып берүү жөнүндө чечим кабыл алды. Бул чечим өлкөдө шайлоо процессинин бүтүндөй тарыхында чыныгы прецедент болуп калды. Биздин көз карашыбызда БШК мурдагы тажрыйбага төшөлгөн мүмкүн болгон стереотиптерден арыла алмак.

**Шайлоочуларды каттоо жана калкты кабарландыруу**

УМБдын милдеттеринин бири аймактык шайлоо комиссияларынын (мындан ары-АШК) жана участкалык шайлоо комиссияларынын (мындан ары-УШК) ишине мониторинг жүргүзүү менен бирге, шайлоочулардын тизмесин тактоо жана калкты кабарландыруу ошону менен бирге алдыдагы шайлоолорго даярдык ишине анын ичинде алардын штаттык курамынын толуктугуна шайлоону өткөрүү үчүн зарыл болгон материалдык-техникалык ресурстар менен камсыздалышындагы ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү болуп эсептелет.

Өлкөнүн көз карандысыздыгынын жылдарында биринчи жолу 2017-жылкы Президенттик шайлоолордо ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жактарга өзгөчө көңүл бурулду. Каршылык акциясына жооп катары (мүмкүнчүлүгү чектелгендер үчүн техникалык даярдык шарттарынын жоктугунан улам Президенттик шайлоодо алардын добуш бербөөсү жөнүндөгү чечим тууралуу интернет басылмалары жана социалдык тармактардагы нараазычылыктар) БШК тарабынан бул маселени чечүү үчүн иш-чаралардын катары түзүлдү. Иш-чаралар ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулар үчүн мыйзамдык актылардын адаптациясынан баштап, шайлоо участкаларындагы техникалык жана уюштуруучулук учурларына чейинки маселелерди чечет (маалыматтар жана бюллетендер Брайл шрифтинде, кээ бир УШКларда коляскалар үчүн пандустардын коюлушу) биз муну ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жактардын укуктарын пайдалануудагы жетишкендиктердин бири деп эсептейбиз.

Өткөрүлгөн мониторинг көрсөткөндөй бул багыт боюнча айрым шайлоо комиссияларынын ишмердүүлүгүндө аягына чыкпаган иштер бар.

Биринчиден, белгилей кетчү нерсе, жумуш убактысында бир катар УШКлар биздин байкоочулар барганда жабык болгон, негизи алардын жумущ графигине жана «КР Президентин жана КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү» Конституциялык мыйзамга ылайык ал шайлоо участкаларында ар түрдүү маселелер боюнча, анын ичинде шайлоочулардын тизмесинен өзүн тактоо маселеси боюнча жарандарды кабыл алуу үчүн УШКнын нөөнөт мүчөлөрү болууга тийиш эле. Ушул УШКнын жабык болушунун натыйжасында биздин УМБлар комиссиянын жабык эшиктеринде узак убакыт күтүп анан эч нерсеси жок кайткан жарандарга байкоо салышты. Ушуга окшогон баардык окуялар боюнча биздин УМБлар ушул УШКлардын иш графигин бузгандыгы тууралуу акттарды түзүштү, андан соң бул актыларды тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына кароо үчүн жиберишти, кароонун жыйынтыгы боюнча тийиштүү чаралар кабыл алынды (ушул УШКдын induced директерине эскертүүлөр берилди).

Экинчиден, мониторинг көрсөткөндөй, көптөгөн шайлоо участкаларында шайлоочулардын тизмесинде так эместиктер байкалды, анын ичинде өлгөн жана башка жерге жер которгон жарандар да бар. Бул маалымат шайлоо мыйзамдарынын чөйрөсүндө жарандарды кабарландырууну жогорулатуу максатында ушул жылдын жай айларында биздин уюм өткөргөн тернингдерде да үй жана кварталдык комитеттер тарабынан айтылды. УШК айрым мүчөлөрү бул так эместиктер тууралуу билишет жана бул боюнча МККга кайрылышкан. Бул ЖААК процессинде АЖТдун базасы менен шайлоочулардын тизмесин актуалдаштыруу менен байланыштуу. Мындан тышкары, башка жака көчүүлөрдү өз убактысында каттоодон өткөрүү практикасы жана ошону менен бирге өлгөндүгү тууралуу күбөлүктөрдү каттоо жарандардын өздөрү тарабынан каттоодон өткөрүлбөйт, ал эми шайлоочулардын тизмесинин базасында чагылдырылышы мүмкүн эле.

Бирок туруктуу жашаган жеринде катталган жери боюнча эмес башка шайлоо участкаларында добуш берүүнү каалаган шайлоочулардын санынын көбөйүшү эң эле тынчсыздануу фактысын жаратат. Бул шайлоочуларды которуу үчүн №2 Формасындагы арызды толтуруу керек эле, ал шайлоочу добуш берүүнү каалаган УШКнын мүчөлөрүнө берилүүгө тийиш эле. Мында жарандардын ашыкча жигердүүлүгү бардык участкаларда байкалып жатат, айрыкча бюджеттик жана билим берүү мекемелери жайгашкан жерлердеги участкалардын аймагында, (мисалы, ооруканалар жана башка медициналык мекемелерде, ЖОЖда, колледждерде, мектептерде ж.б. жерлерде), аскер бөлүктөрүндө, ошону менен бирге ички мигранттар жашаган жерлердеги жаңы конуштарда көбүрөөк байкалууда. Форма 2 боюнча арыз жазган көптөгөн жарандар менен жолугушкан биздин байкоочулар ал жарандардын өз калоосу менен эмес жетекчилигинин мажбурлоосу боюнча жасап жаткандыгын айтышкан.

Тилекке каршы, жарандар бул боюнча кагаз жүзүндө баяндап жазуу тууралуу УМБдын өтүнүчүнөн баш тартышты, алар бул кадамын ишин жоготуп алуудан, окуу жайдан чыгарылуудан же болбосо башка жазалоолорго дуушар болуудан коркоору менен түшүндүрүшөт.

Форма 2 арызы боюнча дагы төмөнкүлөрдү белгилегибиз келет, биздин байкоочулар ар кандай УШКна барышканда, форма 2 боюнча арыздар жарандардын өздөрү тарабынан эмес алардын атынан башка адамдар жазып жаткандыгы тууралуу фактылар бир нече жолу кайталангандыгын фиксациялашкан. Мисалы, Ош шаарында №5314 УШКда өзүнүн үй комитети деп тааныштырган, жанында 10 жарандын паспортун алып жүргөн жана алардын атынан форма 2 арызын толтурган эркек кишини биздин УМБчу байкап калып, ал жөнүндө акт түзүп тиешелүү АШКна кайрылган. Баса белгилей кетчү нерсе, бул актты түзүү учурунда форма 2 арызын толтуруу максатында ошол участкага дагы бир кокуч паспорттор менен келген бир эркек киши биздин байкоочуну комиссия мүчөсү деп кабыл алып, арыздарды жазуу тууралуу өз ниетин айткан, бирок УМБ өзүн тааныштырганда ал УМБ менен сүйлөшүүгө аракет жасаган, ал УШКнын имаратынан чыгып кеткен. Дагы бир башка учур Кызыл-Кыя шаарынын №8157 УШКда катталган, ал жерде аялдар өздөрүнүн калп тууганадарынын атынан алардын паспорттору жанында болбогонуна карабастан форма 2 арызын толтурушкан. Биздин УМБнун АШКна даттануусунун жыйынтыгында жогоруда келтирилген фактылар боюнча УШКнын мүчөлөрүнө мындан ары мындай өңүттөгү иштердин болушуна жол бербөө менен эскертүү берилди.

Мониторинг ошону менен бирге айрым УШК мүчөлөрүнүн даярдыгынын төмөндүгүн көрсөттү, алар шайлоо мыйзамдарын билишпейт, натыйжада шайлоочулардын суроолоруна жооп бере алышпайт жана процедуралык учурларды кантип туура аткарууну билишпейт. Мындай өңдөгү көйгөйлөрдүн себеби биздин көз карашыбыз боюнча шайлоо комиссиясынын жаңыланган курамы, шайлоо алдында шайлоо мыйзамдарына өзгөртүүлөрдүн киргизилишине байланыштуу өткөрүлгөн окутуулардын натыйжалуулугунун жетишсиздиги болушу мүмкүн.

Бешинчиден, биздин байкоочулар барган учурда айрым УШКда өзүнүн функцияларын аткаруу үчүн зарыл болгон кеңселик техникалары жок болгон же жумушка жөндөмсүз абалда болгон. Мисалы, көчүрмөлөөчү жабдыктын жок болушу, анын натыйжасында шайлоочулардын тизмесинен өздөрүн таба албаган, так эместиктерди тапкан шайлоочулар шайлоочулардын тизмесинде өздөрүн калабына келтирип, так эместиктерди оңдой алышпайт, анткени бул үчүн ошол УШКга форма 3 арызы менен кайрылып паспорттун көчүрмөсүн тиркөө талап кылынат. Мына ошентип, мындай жарандар жыйынтыктарды күтпөстөн кетүүгө мажбур болушту.

КР БШКнын жана КР МККнын улуттук программа боюнча “Өзүңдү шайлоочулардын тизмесинен текшер” аттуу алдын ала иштери (программа басылмаларда, интернет басылмаларда жайгаштырылган, телеберүүлөрдө трансляцияланган, коммуналдык чыгымдарга төлөнүүчү эсептен басып чыгарылган, КР мобилдик операторлорунун тармактардагы СМС-жеткирүүлөрү да бул программаны жайылтууга тартылган. Өзүн тизмеден текшерүүгө төмөнкүлөр сунушталган: 1) участкалык шайлоо комиссияларында, 2) shailoo.srs.kg сайтында, 3) 119 номерлүү МККнын Колл-борборуна чалуу аркылуу, 4) 119 номерине ЖИНди көрсөтүү менен СМС кабар жиберүү аркылуу (14-сандан турган жекелештирүүчү идентификациялык номер). Ошентип калктын көп катмарын камтууга болот эле. Ушундан кийин гана добуш берүү учурунда өнөктөштүктүн натыйжалуулугун так баалоого мүмкүн болмок.

**Үгүт өнөктүгү**

Шайлоо мыйзамдарына ылайык, үгүт иштери бардык талапкерлерди каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып башталат (10-сентябрда) жана добуш берүүнүн башталышына (14-октябрда) 24 саат калганда аяктайт.

Үгүт өнөктүгүнүн негизги шаймандарынын бири бул КР Президенттигине талапкерлердин өз шайлоочулары менен болгон жолугушуулары эсептелет.

Президенттикке талапкерлердин алдыдагы шайлоолорго карата үгүт өнөктүгү 10-сентябрда старт алды. Шайлоо алдындагы жарышка 13 талапкер аттанганына карабастан, үгүт өнөктүгүнүн эң эле башынан бир нече талапкерлер лидер болуп чыга келишти. Бирок биздин көз карашыбызда эң көңүлдү бурдурган талапкерлер экөө: бийликтен талапкер С. Жээнбеков жана Ө.Бабанов, экөөнүн ортосундагы каршылаштык биздин эксперттер тарабынан административдик ресурстарга жана акчага каршылык деп бааланды.

КР Президенттигине талапкерлердин арасынан үгүттөөнү көз көрүнө пайдалануу боюнча лидерлер С. Жээнбеков жана Ө.Бабанов. Лидерлердин артынан Т. Сариев, анын баннерлерин жана башка басылма продукцияларын байкоого алынган баардык шаарлардан кезиктирүүгө болот, албетте С.Жээнбековдун жана Ө.Бабановдун басылмалары сыяктуу көп санда эмес. Дээрлик биз байкоого алган баардык шаарларда жогоруда саналган талапкерлердин плакаттары, баннерлери жана башка басылма продукциялары көп эле кездешет, мында алар дээрлик мүмкүн болушунча жарнамалык беттердин баарын ээлейт(жарнамалык калкандар, имараттардын дубалдары, аялдамалар ж.б.) жана элдер эң көп чогулган жерлерде жайгашкан. Ошондой эле, Бишкек жана Ош шаарларында ушул талапкерлердин плакаттарын жарнамалоо үчүн эл ташуучу маршруткалар колдонулуп жаткандыгы байкалууда.

Баардык региондор боюнча, анын ичинде Кыргызстандын 12 шаарында 2017-жылдын сентябрь айынын аягында пайыздык катыш төмөнкүдөй көрсөткүчтө болду - Бабанов - 50%, Жээнбеков - 42%, Сариев - 8%. Башка талапкерлер республиканын негизги көчөлөрүндө аз көрсөтүлгөн, бул дегени Президенттикке талапкерлер тууралуу маалыматтарды коомчулука жеткирүүдө бирдей шарттар камсыз кылынбай жаткандыгын айгинелеп турат. Көптөгөн талапкерлер тууралуу шайлоочулар теле дебаттардан билишет.

Колдонуудагы мыйзамдар бирикмелердин, чогулуштардын, эркtик билдирүүлөрдүн негизги эркиндиктерин чектебейт, бирок Бишкек шаарында шайлоо өткөрүү учурунда сот

баскычтары тарабынан шайлоо учурунда митингдерди жана көчө жүрүштөрүн өткөрүүгө тыюу салынды.

Бардык талапкерлер бүтүндөй өлкө боюнча үгүг жүргүзүүнү ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан жана өздөрүнүн үгүт кабарларын шайлоочуларга эч кандай тоскоолдуксуз жеткире алышмак.

Бирок үгүт өнөктүгүндө админресурсту колдонуу кадимки эле көрүнүш болуп калды. Коомдун жана элитанын консолидация милдеттерин чечүүнүн ордуна админресурстарды кыянаттык менен колдонуу тескери натыйжаларга алып келет- көбүнчө коомчулук ичтен бөлүнүп кетет. Атка минерлер ар дайым эле бекем аракет кыла беришпейт, алар дайыма өз кызыкчылыктарына жана максаттарына жетүүнү ойлошот.

2017-жылдын 20-сентябрында ЖМКда вице-премьер-министр Д.Зилалиевдин Баткен облусунун активинин алдында талапкер С. Жээнбековго добуш берүү чакырыгы менен чыгып сүйлөгөн сөзү жазылган видеожазуулар тарады[5]. Бул факты боюнча «Жарандык платформа» КФду Зилалиевге карата тиешелүү чара көрүү өтүнүчү менен БШКга кайрылган, анткени «КР Президентин жана КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү» Конституциялык мыйзамынын 22-беренесине ылайык, ал мамлекеттик кызматкер катары, андан да КР Президентин шайлоолорду даярдоодо жана өткөрүүдөгү уюштуруучулук-техникалык маселелерди чечүүдө шайлоо комиссияларына көмөк көрсөтүү боюнча республикалык штабдын жетекчиси болуп туруп, кайсы бир талапкердин пайдасы үчүн үгүт жүргүзүүгө укуксуз эле.

21-сентябрда премьер-министр С.Исаков Зилалиевге карата эскертүү жарыялады, ошону менен бирге аны Республикалык штабдын төрагасынын кызматынан алып салды. 24-сентябрда БШКнын чогулушу болуп өттү, анда Зилалиевге түшкөн даттануулар каралды, жыйынтыгында БШК Өкмөткө күнөөлөнүп жаткан адамга карата катуурак чараларды көрүүнү сунуштады. 4-октябрда БШКнын чечиминин негизинде премьер-министр Зилаливге катуу сөгүш жарыялады.

Мына ошентип, вице-премьер-министр Зилалиев менен болгон мисалды мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге, бюджеттик уюмдардын кызматкерлерине алдыдагы Президенттик шайлоолордо алар тарабынан административдик ресурстардын колдонулушуна жол бербөөгө кабар деп кароого болот. Бирок биз өткөргөн мониторинг көрсөткөндөй, бул кабар баардык мамлекеттик кызматкерлерге угулду жана административдик ресурстарды колдонуу жерлерде улануууда.

Биздин мониторингдин багыттарынын бири бул айрым президенттикке талапкерлердин штаб башчылары менен башка талапкерлер тарабынан административдик ресурстарды колдонуу жана добуштарды сатып алуу учурлары жөнүндө маалымат алуу максатында суроо-жооп жүргүзүү. Алынган маалыматтарды кыскача баяндоо менен штаб өкүлдөрүнүн көпчүлүгү тигил же бул чектерде өзүнүн ишмердүүлүктөрүндө административдик ресурстарды колдонуу фактылары менен кагылышкан деген тыянак чыгарууга болот. Баса белгилегибиз келет, талапкерлердин өкүлдөрүнөн алынган айрым маалыматтар биздин узак мөөнөттүү байкоочулар алган маалыматтар менен окшош болуп чыккан.

Штаб өкүлдөрүнүн сөздөрүнө караганда, административдик ресурсту колдонуу бийликтен талапкердин пайдасы үчүн үгүттөө түрүндө кездешип жатат же жада калса жетекчиликтер тарабынан ага добуш берүүгө тикелей көрсөтмөлөр берилип жатат. Мындай үгүт же мажбурлоо мамлекеттик жана муниципалдык, мамлекеттик ишканалардын, бюджеттик уюмдардын кызматкерлерине, ошондой эле мугалимдерге, студенттерге, окуу жайларда окугандарга карата кездешип жатат.

[5] https://rus.azattyk.org/a/28746822.html

Ошондой эле административдик ресурс талапкерлердин шайлоочулар менен болгон жолугушууларында да аз эмес колдонулуп жатат. Талапкерлердин сурака катышкан өкүлдөрүнүн басымдуу бөлүгү мындай жолугушууларды уюштуруунун анын ичинде чогулуштарды өткөрүү үчүн орун жай издөөнүн кыйынчылыктарын белгилешкен. Эң эле мындай түрдөгү чогулуштарды өткөрүү үчүн жарактуу болгон жерлер (стадиондор, маданият үйлөрү, окуу жайлардын чоң залдары) ушул учурда ээленген болот же ремонтко карата жабылып калган көрүнүштөр аз эмес (мисалы, Т.Масадыков шайлоочулар менен болгон Жалал-Абаддагы жолугушуусун ижарага алынган кафеде өткөрүүгө мажбур болгон), жана талапкерлердин өкүлдөрүнө бул нерселер жергиликтүү бийликтин көрсөтмөсү менен жасалып жаткандыгы тууралуу маалыматтар келип түшүүдө. Мындан улам, көпчүлүк талапкерлер шайлоочулар менен болгон жолугушууларын өткөрө албай калышты же ыңгайсыз жерлерде өткөрүштү. Бирок ошондой болсо да жолугушуулар өткөрүлсө анын өтүшүнө каршылык уланды (мисалы, Ош шаарында Ө.Бабановдун шайлоочулар менен болгон жолугушуусунда кандайдыр бир катаалдыктардан улам станцияда свет өчүп калды, ал жердеги кызматкерлер машинелерди жолугушуу өтүп жаткан жерлерге киргизишкен эмес).

Талапкерлердин региондордогу шайлоочулар менен болгон жолугушууларында чогулган аудиторияга карата административдик ресурсту колдонуу кызыгууну чакырат. Жээнбеков менен болгон жолугушууда мамлекеттик органдардын жана бюджеттик уюмдардын кызматкерлери, окуу жайлардын студенттери бүтүндөй коллектив тарабынан «куулуп» жаткан учурлар аз эмес, мында жетекчилик алардын чогулуш бүткөнгө чейин кетип калбоосуна кылдаттык менен байкоо салышат. Мындай болгон, мисалы, Кызыл-Кыя шаарында биздин УМБ байкоо жүргүзгөн жерде, шаардын вице-мэрлеринин бири стадиондун кире бериш жеринде жолугушуу бүткөнчө нөөнөттүк кылган. Ал жакта өз студенттерин көзөмөлдөөчү шаардын жогорку окуу жайларынын орто окуу жайларынын мугалимдери болушкан. Кызыгы, бул жолугушуу күндүн күндүзгү бөлүгүндө болгон, бул учурда студенттер окуу жайларында болууга тийиш эмеспи, бирок ал жакта бир да студент калган жок, анткени баары Жээнбеков менен болгон жолугушууда болушкан.

Башка талапкерлер менен шайлоочулардын жолугушууларында административдик ресурс «тескери жагына» колдонулуп жатат, башкача айтканда ушул жолугушууга жарандардын басымдуу бөлүгүнүн келишине тоскоолдук кылуу үчүн мүмкүн болгондордун баары жасалып жатат. Мисалы, үй комитеттери, кварталдыктар жашоочуларды белгилүү бир талапкер менен болгон жолугушууларга барбоосуна көндүрүү үчүн үйлөрдү, батирлерди айланып кыдырып жүрүшөт. Жетекчилик тарабынан кол астында иштегендерди жолугушууларга кое бербөө максатында коркутуп үркүтүүлөр болуп жаткандыгы тууралуу маалыматтар келип түшүүдө.

Мындай арыздардын баары бизге алардын аттарын атабоо шарты менен берилди, анткени шайлоо күнү автоматтык технологияларды колдонуунун нюанстарын билбегендиктен мамлекеттик кызматчылардын жетекчиликтери алардын кимге добуш бергендигин аныктай алат деп эсептешет. Ошондой эле, микроавтобустардын ээлерине белгилүү бир талапкер менен болгон жолугушууларга элдерди ташууга уруксаттамасынан ажыратуу аркылуу коркутуп тыюу салынган мисалдар да бар.

**Даттануулар жана талаштар**

БШКнын ишиндеги прогрессивдүү жетишкендиктердин бири бул шайлоо процессинин жүрүшүндө даттанууларды кабыл алуу жана кароонун механизмин түзгөндүгү эсептелет.

Мында даттануулар боюнча маалыматтарга жетикиликтүүлүктүн болушу жарандарга онлайн-режиминде келип түшкөн даттанууларды байкоого жана өз убагында кабыл алынган жыйынтыктар тууралуу маалымат алууга мүмкүнчүлүк берет. Биз тараптан өткөрүлгөн келип түшкөн даттанууларды жана арыздарды анализдөөнүн жүрүшүндө төмөнкүлөр аныкталды:

Баардыгы болуп 100го жакын даттануу келип түшкөн, алардын ичинен арыздардын басымдуу бөлүгү талапкер Ө.Бабановго карата түшкөн. Алардын ичинен келип түшкөн арыздардын көбү Бабановдун Ош шаарындагы «Он Адыр» конушунда чыгып сүйлөгөн сөзүнөн кийин келип түшкөн. Ош шаарынын тургундарынын атынан аксакалдар кеңешинин өкүлдөрү, жарандар, коомдук уюмдардын өкүлдөрү БШКга талапкердин чыгып сүйлөгөн сөзүнө карата тиешелүү чараларды көрүү үчүн аны жарыштан чыгарууга чейин талап кылышып даттануу менен кайрылышкан. Бул арыздар БШКда кароо баскычында жатышат.

Даттануулардын саны боюнча экинчиде С. Жээнбеков, ага негизинен анын штабы тарабынан административдик ресурстун колдонулушуна даттанышат. Негизинен даттануулар Кыргызстандын карылар кеңешинен, коомдук уюмдардан жана Ө.Бабановдун өкүлдөрүнөн түшкөн. Көрсөтүлгөн арыздар боюнча жетиштүү далил базанын жетишсиздигинен БШК аларды канааттандыруудан баш тартты.

Калган даттануулар көбүнчө ЖМКна жана бийликтин айрым өкүлдөрүнө таандык. Административдик ресурсту колдонуу боюнча даттануулардын анализи көрсөткөндөй, БШК аларды өзүнүн таасир берүүчү жана эскертүүчү рычагдарын пайдалануу менен ар тараптуу караган жок, жыйынтыгында аларды канааттандыруудан баш тартты. Административдик ресурсту колдонуу фактысын аныктоо татаал процесс болгондуктан, арыздануучулар эреже катары кысым көрсөтүү жана мажбурлоо фактылары тууралуу өздөрүнүн байланыш маалыматтарын ачыктоодон коркуу менен анонимдүү түрдө кабар беришет.

Шайлоочулардын добуштарын сатып алуу боюнча айта турган болсок, азыркы мыйзам добуштарды сатып алуу кылмышын аныктоо боюнча бул кылмышты жеке тартиптеги каралчу иштерге таандык кылмыш катары карайт: кылмыш иши жабырлануучунун арызынын негизинде козголот жана тараптардын элдешүүсү менен аяктайт. Шайлоочуларды сатып алуу фактылары укук коргоо органдарына аларды кароо жана тиешелүү чараларды кабыл алуу үчүн жиберилет, бирок эреже катары алар тараптардын элдешүүсү менен аяктайт. Азыркы шайлоолор шайлоо алдындагы үгүт иштерине диний уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу боюнча коомчулук тарабынан толкундоолор менен коштолууда. Мындай учурлар боюнча БШКга келип түшкөн даттануулар ал тарабынан дин боюнча Мамлекеттик комиссияга алардын макамын белгилөө үчүн кайра жиберилген, бул маселе боюнча чечим кабыл алуу кечеңдетилип, маселе чечилбей ачык бойдон калды. Ошону менен БШК чечим кабыл алуу боюнча жоопкерчиликти башка мамлекеттик органга арта салды.

## IV. ЖМКЛАРГА МОНИТОРИНГ

Өз оюн эркин билдирүүгө болгон укук БУУнун адам укуктары боюнча декларациясынын 19-беренесинде камтылган. Копенгаген документинин 9-параграфында ЕККУ катышуучу өлкөлөрү “ар бир адам өз оюн эркин билдирүүгө укуктуу, катташуу укугун кошуп алганда” экендигин тастыкташкан. 7-параграфта “Саясий партиялар жана талапкерлер дискриминацияланбаган негизде ЖМКна тоскоолдуксуз жеткиликтүүлүк укугуна ээ болуулары керек”[6] деп айтылган.

Жарандардын өлкөнү башкаруу үчүн өкүлдөрдү тандоосу үчүн аларга зарыл шартттар камсыздалышы керек, анда талапкерлер жөнүндөгү объективдүү маалыматтар коомчулуктун калың катмарына жеткиликтүү болот. Эгер мамлекет эч бир себепсиз жана ар дайым ЖМКдын ишине кийлигишсе журналисттер цензурадан жабыр тартышат.

[6] ЕККУнун шайлоо учурундагы ички байкоочулары учун усулдук жетектеме, Варшава 2004,87.б.

Кыргызстанда электрондук да, басылма ЖМКлар да коомчулуктун оюунун пайда болушуна олуттуу таасир этет. Шайлоолор адилеттүү болушу үчүн талапкерлерге, ЖМКларга болгон жеткиликтүүлүккө бирдей мүмкүнчүлүктөр түзүлүүсү шарт, өзгөчө телеберүүгө. Ошондуктан, шайлоо учурунда – ЖМК эркиндигин камсыздоо, шайлоонун ЖМКда чагылдырылышына мониторингди системалуу жана объективдүү жүргүзүү – шайлоого байкоо жүргүзүү процессинин маанилүү тутумдук бөлүгү болуп саналат.

"Жарандык Платформа" Коомдук фонду тарабынан ушул жылдын 4-сентябрынан 6-октябрга чейин ЖМКна мониторинг жүргүзүлдү. Мониторинг ТВда прайм-таймда өткөрүлдү (20:00дөн тартып 24:00гө чейин) жана өзүнө төмөнкү ЖМКрын камтыйт:

- Телеканалдар: КТРК, НТС, ЭЛТР, Next TV.
- Интернет-басылмалар: Акипресс, 24kg.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда президенттике талапкерлердин баары шайлоо алдындагы үгүттө бирдей мүмкүнчүлүк жана шарттарга ээ боло турган саясий маданият курулган жок. Атап айтканда, талапкерлердин каржылык, саясий жана башка ресурстарга болгон жеткиликтүүлүгү ар түрдүүчө. Теңсиз шарттар жана ресурстарга жеткиликтүүлүк белгилүү бир талапкерлерге алдын ала артыкчылыктарды берет.

«Жарандык платформа» КФду жаңылыктарды берүүдөн тышкары дебаттардын мониторингин жана талапкерлердин катышуусу менен тегерек столдорду, ток-шоуларды, маалымттык-аналитикалык программаларды өткөрдү.

Дебаттарды анализдөө менен талапкерлерге карата жалпы кабыл алынган эрежелердин так сакталгандыгын белгилөө керек. Шайлоо мыйзамынын 24-беренесининде шайлоо алдындагы үгүттүн өткөрүүнүн шарттары кеңири жазылган.

Ток-шоулар жана аналитикалык программалар көрүүчүлөрдү жана угуучуларды кабарландырууга багытталган. Үгүт өнөктүгү жалпы жонунан конкуренттик духта өттү. Бирок, келип чыккан кырдаалга таасир эткен факторлордун бири катары калктын саясий маданиятынын төмөндүгү эсептелет. Дебат учурунда талапкерлер эфир убактыларын натыйжасыз колдонушту. Анын ичинде эфир жүрүшүндө талапкерлер алдыдагы аткарчу иштерди талкуулашкандыктан программанын негизги максаты ачылбай калды.

Шайлоо процесси демократиялуу өтүшү үчүн, талапкерлердин өз ойлорун электоратка билдирүүсү өтө маанилүү. Мына ошентип ЖМКлар шайлоо жарышында электоратты тартууда маанилүү роль ойнойт.

Масс-медиа талапкерлер ортосунда дебаттардын негизги платформасы болот. ЖМКлар жаңылыктардын негизги булагы болуп саналат. Ошону менен бирге ЖМКдын негизги милдеттеринин бири – шайлоочулардын билимдүүлүгүн жана маалымдуулугун жогорулатуу саналат. Чагылдыруу адилетүү, профессионал болууга тийиш.

**ЖМК чөйрөсүндөгү ЧУА (ченемдик-укуктук актылар)**

Кыргызстанда ЖМКнын ишмердүүлүгү шайлоо процессинин бардык баскычында төмөнкү ЧУА жана документтер менен жөнгө салынат:
- «Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын мыйзамы;
-КР Президентин жана КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө КР Конституциялык мыйзамы 2011-жыл, 2-июль;
- КР Президентин шайлоолорду даярдоо жана өткөрүүнүн жүрүшү жөнүндө шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка катышуучуларын кабарландыруу тууралуу Жобо;
- КР Президентин шайлоолорду даярдоо жана өткөрүүнүн жүрүшү алдында жалпыга маалымдоо каражаттарын жана интернет-басылмаларды аккредитациядан өткөрүү жөнүндө Жобо(Утверждено постановлением ЦИК БШК КР №152 токтому менен бекитилген, 2017-жыл, 14-июнь);

- КР Президентин шайлоолорду өткөрүү алдында үгүт өнөктүгүн өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобо (БШК КР №153 токтому менен бекитилген, 2017-жыл, 14 -июнь);
- Журналисттин этикалык кодекси 8- декабрь, 2007-жыл.

**ЖМК жабылышы**

Кыргызстандагы Президенттик шайлоо алдында сөз эркиндиги жана жарандык коом ишмердүүлүктөрү олуттуу кол салууларга дуушар болду. Анын ичинде "Заноза" сайты жана "Сентябрь" телеканалы жабылды.

**ЖМКгы үгүт ишмердиги**

Кыргызстандагы Медиа мейкиндиги үгүт өнөктүгүнүн мезгилинде бир нече жолу ЖМКнын эркиндигине талапкерлердин, алардын расмий өкүлдөрүнүн басым көрсөтүүсүнө дуушар болушат. Шайлоо алдындагы үгүт мезгилинде шайлоо алдындагы жарыштын талапкерлеринин өкүлдөрүнөн (Бабанов, Жээнбеков, Сариев, Төрөбаев) БШКна ЖМКнын үстүнөн даттануулар түшкөн ("Вечерний Бишкек гезити, КТРК, argument.kg, gezitter.org, chagylgan.kg, tikenek.org жана 24.kg, kyrgyztoday.kg сайттары, "МК-Азия" гезити ж.б.) ал даттанууда талапкерлердин шайлоочуларды сатып алуу, туура эмес маалыматтарды берүү боюнча айыптоо, кадыр баркка шек келтирүү, ошону менен бирге талапкердин ар-намысына жана беделине шек келтирилген деген маалыматтар камтылган. Талапкерлердин аккредитацияны кайра чакыртып алуу боюнча талаптары, интернет айдыңында макалаларды алып салуу, мунун баары өлкөдөгү сөз эркиндигинин начарлашына алып келди.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда президенттике талапкерлердин баары шайлоо алдындагы үгүттө бирдей мүмкүнчүлүк жана шарттарга ээ боло турган саясий маданият курулган жок. Атап айтканда, талапкерлердин каржылык, саясий жана башка ресурстарга болгон жеткиликтүүлүгү ар түрдүүчө. Теңсиз шарттар жана ресурстарга жеткиликтүүлүк белгилүү бир талапкерлерге алдын ала артыкчылыктарды берет.

ЖМКда чагылдыруу боюнча үч талапкерди лидерлер деп атоого болот: Ө. Бабанов, С. Жээнбеков, Т.Сариев. Эң эле биринчи күндөн тарта биринчи эки талапкердин ортосундагы атаандаштык ачык эле байкалды. ТВдагы жана үналгыдагы акча төлөнүүчү эфир убактысы болжол менен экөөнүн ортосунда тең бөлүндү. Сариевдин көрсөтүлүшү бир канча эсеге аз. 3-4 аптада башка талапкерлердин (Т. Уметалиева, А.Малиев) чектелген көлөмдө катышып жаткандыгы байкалды. Башка талапкерлер солгун гана (же жада калса такыр көрсөтүлүшкөн жок)көрсөтүлүп жатышты. Алар 15-мүнөттүк акысыз эфир убактыларына гана чыгып жаткандыгы байкалды (талапкерлердин жеке чыгуулары) жана КТРК мамлекеттик каналы боюнча дебат учурларында гана. Мына ошентип, үгүт өнөктүгү талапкерлер тарабынан каржылык мүмкүнчүлүктөрүнүн бирдей болбогонуна байланыштуу бирдей шарттарда өткөрүлбөй жатат.

Президенттикке талапкерлердин өздөрү өз интервьюларында үгүг өнөктүгүн жүргүзүү үчүн каржылык жага башка каражаттардын жетишсиздиги, анын ичинде видеоматериалдарды жана телеканалдардагы түз эфирлерди төлөө да бар. Ошондуктан, бир канча талапкерлер үгүт өнөктүгүндө шайман катары соцтармактарды, арыздарды, шайлоочулар менен жеке жолугушууларды өткөрүп жатышкандыгын моюндарына алышты. Мисалы, Т.Масадыков интернет айдыңын жигердүү колдонот (негизинен соцтармактар). 2017-жылдын 29-сентябрында Европалык комиссия жана "Укуктук клиника "Адилет" Коомдук фондусу уюштурган Тегерек столдо, ал ТВ жана үналгылардыгы аянттар албетте башка талапкерлер тарабынан ээленип койгонун белгиледи. Бул биллборд/жарнамалык тактайчаларды, ошону менен бирге ТВгы жана үналгыдагы эфир убактысын брондоо боюнча иш үгүт өнөктүгү башталганга чейин эле жүргүзүлгөнүн айгинелеп турат.

**КТРК жана НТС**

Мамлекеттик канал КТРК жашыруун жаңылыктардын жалпы маанайы, мүнөзү бул фактты көрсөтүп турат. Талапкер С.Жээнбековдун чыгып кыдыруу үгүттөрү түрүндө акы төлөнгөн жаңылыктар блокторунан тышкары, административдик ресурсту колдонуу боюнча жаңылыктар бир тараптуу чагылдырылган. Ал эми шайлоочуларды сатып алуу темасы боюнча КТРК жигердүү чагылдырып жатат.

НТС, тескерисинче, башка талапкерди – О. Бабановду жигердүү чагылдырды. Жаңылыктардын эң көп бөлүгү талапкер С.Жээнбеков административдик ресурсту колдонуп жаткандыгы менен байланыштуу. ЖМКга мониторингдин жүрүшүндө биз аныктадык: НТС каналы өзүнүн репортаждарында административдик ресурсту колдонуу темасын кеңири чагылдырып жатат, ал убакта КТРК шайлоочуларды сатып алуу фактысын чагылдырган. Эки канал тең мында тикелей же кыйыр түрдө шайлоочуларды сатып алуу административдик ресурстарды колдонуу фактысына аралашкан белгилүү бир талапкерлерди эске салуу менен кыйытып чагылдырып жатышат. Бир талапкерге таандык НТС телеканалы, жабык формада саясат жүргүзүп жатат, анын алкагында белгилүү бир талапкерди колдоо үчүн жаңылыктар лентасын жана репортаждарды электоратты манипуляциялоо менен трансляцияланып жатат.

**Кара пиар**

Ушул шайлоо алдындагы жарышта кара пиардын көп санда болушу байкалды, анын ичинде соцтармактардагы, интернет-басылмалардагы жасалма жаңылыктар жана компроматтар, андан кийин алардын ТВ жана үналгыларда кайталанып чыгышы. Мындай түрдөгү маалыматтардын түшүндүрмөсү ар түдүү тараптардан ар кандайча түшүндүрүлүүдө. Медия айдыңында үгүт өнөктүгүнүн бүтүшү менен талапкерлер белгилүү бир талапкерлерди компроматтоочу видео роликтерди монтаждоо жана даярдоо боюнча технологияларды пайдаланып маалыматтык согуш жүргүзүүнү башташты. Белгилей кетчу нерсе, негизинен мындай маалыматтар соцтармактарда жана сары прессада жарыяланып мобилдик колдонмолор "Вотсап" жана соцтармактар аркылуу жиберилип жатат. ("Ө. Бабановдун штабынын https://24.kg/vybory/64084_zayavlenie_shtaba_obabanova_otnositelno_rasprostranyaemogo_provokatsionnogo_video/) сайттарына жайылтылган провокациялык видеошилтемеге карата арызы"). Башка мисал, ушул күндө тарап жаткан Жээнбеков тууралуу аны каралоочу видеоролик, анда Жээнбековдун чыгып сүйлөп жаткан жеринен аны токтотушуп ал жерден чыгарып салынгандыгы көрсөтүлгөн, бул төрт жыл мурда болгон окуя бирок мында бул нерсе азыр болуп жактандай берилген. Мындай роликтер ошондой эле шайлоочуларга да терс таасирин берет. Атаандаштарга карата колдонулган кара пиардын башка түрлөрү болуп талапкерлердин жана алардын тарапташтарынын телефондук сүйлөшүүлөрүн аудиожаздырып алуу болуп эсептелет, алар шайлоочуларга терс маалыматтарды жеткиришет. Мындай «кара технологиялардын» авторлорун мындай өңүттөгү аудиожазуулардын жана видеолордун чындыгы кызыктырбайт, алар үчүн шайлоочуларга маалыматтык жардыргычтардын таасиринен көз ирмемдик натыйжа алуу маанилүү.

**Талапкерлердин ЖМКларга даттануулары**

Кыргызстандагы медия мейкиндиги үгүт алдында талапкерлердин таасирине учурады. Биз байкагандай, ЖМК эркиндигине президенттикке талапкерлер жана алардын штаб жетекчилеринин же расмий өкүлдөрүнүн даттануулары аркылуу өтө жогору басым көрсөтүү орун алды. Үгүт мезгилинде төрт талапкердин өкүлдөрү тарабынан (Бабанов, Жээнбеков, Сариев, Торобаев) БШКга ЖМКларга карата (Газета "Вечерний Бишкек, КТРК, argument.kg, gezitter.org, chagylgan.kg, tikenek.org и 24.kg, kyrgyztoday.kg, газета "МК-Азия" ж.б.) талапкерлерди добуштарды сатып алууда айыптоо, айың кептерди таркатуу, алардын беделине доо кетирүү ошондой эле талапкердин ар-намысына жана кадыр-баркына шек келтирүү боюнча даттануулар келип түшкөн. Талапкерлердин талаптары төмөнкүдөй эле: басылмалардын аккредитациясын кайра чакыртып алуу,

интернет айдыңында макалаларды өчүрүү. Кээ бир даттануулар боюнча БШК чечим чыгарды ал эми калгандары кароо этабында жатат. Үгүт өнөктүгүнүн алкагында БШК расмий сайтында шайлоо мыйзамдарындагы укук бузуулар жана даттануулар тууралуу,[7] интернет чагылдырууну алып барууда. Даттануулардын негизги түрлөрүнүн арасында: добуштарды сатып алуу, административдик ресурсту колдонуу, үгүт жүргүзүү тартибин бузуу кирет. Мисалы, 2017-жылы 30-сентябрда Башкы прокуратура Жогорку Кеңештин депутаты Канат Исаевге карата кылмыш ишин козгогон[8]. Мындай жалындуу жана актуалдуу тематикалар саясий технологдор тарабынан өз талапкерлерин илгерилетүү максатында жигердүү колдонулду.

**БШК демилгеси**

Шайлоо алдындагы үгүттүн мезгилинде БШК мамлекеттик органдар менен биргеликте (ЖК, МКК), шайлоо процесси боюнча социалдык роликтерди тартышты, анын ичинде таза шайлоолорду өткөрүү, добуштарды сатпоого чакырыктар ташталган. Үгүттүн башталышында БШКда ишеним телефондору иштей баштады, байланыш телефондору БШК, МКК сайтында, ЖМКнын сайттарында жайгаштырылды. Сентябрдын ортосунан жарандык коом өкулдөрү менен бир катарда БШК айрым мучолору . маалыматты откоруп беруу учун вотссап номерлерди жайылтты.

Жакшы жетишкендиктердин бири болуп БШКнын даттануулардын реестрин тузушу болду. Бул кызыкдар тараптарга калкты кошуп алганда даттанууларга онлайн байкоо жургузуу мумкундугун берди. Шилтеме https://shailoo.gov.kg/ru/claim/registry/.

БШКнын мындай ишмердуулугу шайлоо процессинин тазалыгына чон салым кошту.

**«Жарандык платформа» КФнун ЖМКлар менен оз ара аракеттешуусу**

Шайлоо процессинин бардык баскычында «Жарандык платформа» коомдук фонду ЖМКлар мленен кызматташууга ар дайым ачык болду. Анын ичинде «Жарандык платформа» фондунун директору жана кызматкерлери масс-медиа окулдоруна маалыматтарды жеткирип турушту. Анын ичинде: дебаттар, ток-шоулар, туз эфирлер, радио, интервьюлар, пресс-конференциялар, брифингдер бар.

Кыргызстанда коптогон телеканалдар оздорунун сайттарынан тышкары youtube каналдарына да ээ. Ошондуктан, «Жарандык платформа» коомдук фондунун директору менен болгон баардык чыгарылыштар жарандар учун да ачык жеткиликтуулукто турат.


## V. УЧАСТКАДАН ТЫШКАРЫ ЖЕРДЕ ДОБУШ БЕРҮҮ

14 -октябрда добуш берүү жайынан тышкары жерде добуш берүү мүмкүнчүлүгүн түзүп берүү арызы менен кайрылган жактар үчүн добуш берүү болуп өттү. Биздин байкоочулар добуш берүү жайынан тышкары жерде добуш берүүдө шайлоочулардын укуктарын бузган жана башка олуттуу укук бузуучу 21 окуяны катташкан.

Байкоо жүргүзүү 12 чоң шаарларда жүргүзүлгөн жана укук бузуулардын жана көйгөйлөрдүн көпчүлүгү Бишкек жана Ош шаарларында аныкталды. Айрым көйгөйлөр ошондой эле Токмок, Карасуу, Нарын жана Каракол шаарларында катталган.


[7]"Даттануулар реестри "БШК сайтында: https://shailoo.gov.kg/ru/claim/registry/
[8]"Укук коргоочулар:К.Исаевди кыйнаган эмес " сайтка шилтеме: http://knews.kg/2017/10/pravozashhitniki-kanata-isaeva-ne-pytali/

**Диаграмма 1.Мыйзам бузуулардын шаарлар боюнча бөлүштүрүлүшү**




Аныкталган көйгөйлөрдүн жана укук бузуулардын ичинде, эң эле көбү техникалык аппараттар жана добуш берүү процедурасы менен байланыштуу.

**Диаграмма 2. Укук бузуулардын жана <u>көйгөйлөрдүн</u> түрлөрү**




<u>Техникалык көйгөйлөр</u>

14 октябрда техникалык көйгөйлөр менен байланышкан 7 учур катталып, алар төмөнкү таблицада келтирилди:

| Шаар | УШК | Көйгөй | Узактыгы |
|---|---|---|---|

| | **номуру** | | |
|---|---|---|---|
| Ош | 5318 | комбо-ридердин бузулушу | 40 мүнөт |
| | 5312 | Драйвер орнотулган эмес | 40 мүнөт |
| Бишкек | 1310 | Жекелештирүүчү жабдыктын бузулушу | 15-30 мүнөт |
| Токмок | 7068 | Жекелештирүүчү жабдыктын бузулушу | 15-30 мүнөт |
| | 7066 | Жекелештирүүчү жабдыктын бузулушу | 15-30 мүнөт |
| Каракол | 3146 | Жекелештирүүчү жабдыктын бузулушу | 15 мүнөттөн азыраак |

Ош шаарында №5318 УШКда паспорттун МРЗ зонасын окуу боюнча комбо-ридер 40 мүнөт бою жеткиликсиз болгон, ошондуктан УШК кызматкерлери бузулуунун себебин жоюу үчүн участкага кайтып келүүгө аргасыз болушту. №5312 УШКда оператор керектүү программалык камсыздоону орнотпогондугуна байланыштуу, комиссия мүчөлөрүнө да аны орнотуу үчүн участкага кайтып келүүгө туура келди.

Бишкектин Свердлов районунда (УШК №1310), Токмокто, (УШКлар №7066 жана №7068), Караколдо (УШК №3146) да жекелештирүүчү жабдыктар бузулду, алар жарым сааттан кем эмес убакытта оңдолду.

<u>Добуш берүү процедураларынын бузулушу</u>

Бишкек шаарынын Биринчимай районунда №1222 УШКда участкада добуш берүү жайынан тышкары жерде добуш берүүгө жарандардан келип түшкөн арыздардын реестри илинген эмес.

Ош шаарында №5319 шайлоо участкасында паспорттук маалыматтар боюнча жазуу жүргүзүлбөгөн учурлар болду. №5307 УШКда добуш берүү үчүн маркери болгон эмес. №5271 УШКда ошондой эле процедуралардын башка укук бузуулары орун алган.

<u>Добуш берүү процедурасынын бузулушу</u>

Биринчимай районунда №1222 УШКда участкадан тышкары жерде добуш берүүгө арыз берген жарандардын реестри илинген эмес. Ош шаарында №5319 УШКда паспорт маалыматтарын жазуу жүргүзүлбөгөн учурлар катталган. №5271 УШКда жана башка процедуралардын бузулушу орун алган.

<u>Шайлоочулардын тизмеси менен болгон көйгөйлөр</u>

Карасууда (УШК №5265), Ошто (УШК №5272), Караколдо (УШК №3132) добуш берүү жайынан тышкары жерде добуш берүүгө келип түшкөн арыздардын реестринде жок болгон шайлоочулардын добуш берүү учурлары катталган.

<u>Участкадагы үгүттөө</u>

Ош шаарында №5312 УШКда жергиликтүү тургундардын сөзү боюнча үй комитети болуп иштеген аял, добуш берүү жайынан тышкары жерде добуш берүү үчүн арыз берген жарандардын даректерин жакшы билген жана УШКнын мүчөлөрүн коштоп жүргөн. Мында ал шайлоочулардын алдына УШК мүчөлөрүнөн мурда киргенге аракет жасап, алар киргенге чейин С.Жээнбековго үгүт жүргүзүүгө жетишкен. Биздин байкоочу укук бузуу боюнча актты жана тиешелүү арыздарды түзүп прокуратурага жана Ош шаарынын АШКна өткөрүп берген.

Бишкек шаарынын Свердлов районундагы № 1327 УШКда участкадан тышкары жерде добуш берүүгө чыккан учурда КСДП жана РАЖ партиясынын байкоочулары үгүт иштерин жүргүзүшкөн. Шайлоочуларды жекелештирүү учурунда КСДП партиясынан өкүл аларга 9 саны көрсөтүлгөн жана ага чымчыкча коюлган карточканы көрсөткөн, ал

эми РАЖ партиясынын өкүлү Ө.Бабановго оозеки үгүттөгөн, мында УШК мүчөлөрү бул үгүттөөгө эч кандай жооп кайтарышкан эмес. Биздин байкоочунун эскертмесинен кийин гана УШК мүчөлөрү буга жооп кайтарып, партиялардын өкүлдөрүнө үгүт жүргүзүүгө тыюу салды. Бул факт боюнча биздин уюм Бишкек шаарынын АШКна даттануу жөнөткөн.

Добуш берүү жашыруундулугун бузуу

Айрым УШК байкоочуларынан добуш берүү жашыруундулугун бузуу фактысы боюнча маалыматтар келип түшкөн, бул участкаларда добуш берүү жашыруундулугу толук түрдө камсыз кылынган эмес.

**Инцидент**

УШК №5310 (Ош ш.)

Чектен чыккан дагы бир окуя Ош шаарынын №5310 УШКда добуш берүү жайынан тышкары жерде добуш берүүгө чыккан учурда катталган. Добуш берүүгө чыккан учурдун эң эле башынан УШК мүчөлөрү шайлоочулардын үйлөрүнө барган учурда талапкер С.Жээнбековго добуш берүүгө чакыруу менен ачык эле үгүт жүргүзүшкөн. Мында УШК мүчөлөрү бир эле убакта бир нече шайлоочулардын шайлашына уруксат берген, ошону менен добуш берүү жашыруундулугунун бузулушуна жол берген. Бул боюнча биздин байкоочунун көптөгөн эскертүүлөрүнө УШК мүчөлөрү демонстративдүү түрдө эч кандай жооп кайтарышкан эмес, ошол эле багытта иш алып барууну улантышкан. Бул кырдаалдын жеткен туу чокусу бир үйдөгү добуш берүү болду. Ал жерде УШКнын бир мүчөсү шайлоочу добуш берип бүткөндөн кийин шайлоо бюллетенин карап, анын үгүтүнө каршы добуш бергендигин көрүп, ал бюллетенди көчмө үкөккө салбоону чечкен. Биздин байкоочу жана талапкерден дагы бир байкоочу муну видеого тартышкан жана укук бузуу боюнча акт түзө башташкан. Шайлоочунун үйүндө акт түзүү учурунда спорттук дене түзүлүшүндөгү эки эркек киши кирип келип, талапкердин байкоочусунун телефонун алып аны көчөгө сүйрөп чыгышкан. Үйгө кайра киришип УШКнын мүчөсүнүн көрсөтмөсү боюнча күч колдонуу менен байкоочунун телефонун алып бардык сүрөттөрдү жана видеожазууларды өчүрүп салган. Андан соң биздин байкоочуну коркута баштаган жана мындан ары добуш берүү жайынан тышкары жерде добуш берүүгө байкоо жүргүзүүнү токтотуп шайлоочунун үйүнөн чыгып кетүүсүн талап кылышкан. Мында үйдө болгон УШК мүчөсү биздин байкоочуга көрсөтүлүп жаткан күч колдонууга каршылык көрсөтүүнүн ордуна тескерисинче өзү да телефонго тартылгандарды өчүрүүгө катышкан. Биздин байкоочу абдан коркуп нес абалында болгон жана 15-октябрдагы добуш берүүдө мындан ары байкоочу болуп иштөөдөн баш тарткан, бул тууралуу айтуунун өзү болбойт.

Ош шаары боюнча биздин координатор бул факт боюнча Ош шаарынын прокуратурасына жана ички иштер органдарына бул окуяга катышкан бардык жактарды жоопкерчиликке тартуу жөнүндө арыз жиберген. Ош АШКнын төрагасынын атына ушул окуяда катышкан УШК мүчөлөрүн мындан аркы иштен четтетүү жана ошол участкадагы добуш берүү жайынан тышкары жерде добуш берүүнү жараксыз деп табуу жөнүндө арыз берилген. Бул мамлекеттик органдардан азырынча жооп келе элек.


## VI. 2017-ЖЫЛ 15- ОКТЯБРЬ ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮ

15-октябрда шайлоо участкаларынын жабылуу учурунда «Жарандык платформа» КФнун байкоочулары тарабынан добуш берүү процедураларын бузуу, добуш берүү процессине таасир берген жана башка көйгөйлөр тууралуу 120 инцидент-окуя аныкталып каттоого алынды.

«Жарандык платформы» байкоочулары байкоого алган шаарлардын арасынан укук бузуу боюнча эң эле көп маалымат Бишкек, Джалал-Абад, Талас, Ош, Токмок жана Карасуу


шаарларынан келип түшкөн, бул УШКдын көптүгү жана ушул шаарларда калктын жыш жайгашкандыгына байланыштуу.

**Диаграмма 3: Шаарлар боюнча укук бузуулардын саны**




Добуш берүү күнү байкоочулар укук бузуулардын жана көйгөйлөрдүн негизги 4 түрүн аныкташкан: добуш берүү үчүн санариптик аппаратура менен байланышкан техникалык катаалдыктар, добуш берүү процедурасын бузуу жана шайлоочулардын тизмеси менен болгон көйгөйлөр. Мисалга, Бишкек шаарынын Свердлов районунун №1318 УШКда АЭУ шайлоочунун бюллетенин кабыл алган эмес, жана УШКда добуштарды кол менен эсептөөгө чейин кое турууну жана андан ары бул бюллетенди калган бюллетендер менен саноого кошууну чечишкен.

**Диаграмма 4: Укук бузуунун түрү**





Шаарлардын чектери боюнча укук бузуунун анализи көрсөткөндөй, шайлоочулардын тизмелери менен байланышкан көйгөйлөрдүн көпчүлүк бөлүгү Таласта жана Токмокто байкалды, ал эми бул учурда Бишкек, Жалалабат жана Ош шаарларында жабдыктар уламдан бузулуп жатты. Добуш берүү процедурасын бузуу боюнча эң көп укук бузуу Бишкек жана Карасууда аныкталды.

**Таблица 3: Шаар чектери боюнча укук бузуунун түрлөрү жана саны**


| Шаар | Шайлоочулардын тизмеси | Техникалык катаалдыктар | Добуш берүү процедурасы |
|---|---|---|---|
| Бишкек | 1 | 11 | 16 |
| Джалал-Абад | 0 | 11 | 4 |
| Талас | 6 | 3 | 3 |
| Ош | 0 | 9 | 2 |
| Токмок | 6 | 3 | 2 |
| Карасуу | 0 | 2 | 9 |
| Баткен | 0 | 7 | 1 |
| Каракол | 0 | 4 | 3 |
| Нарын | 0 | 2 | 3 |
| Өзгөн | 0 | 1 | 3 |
| Кара-Балта | 3 | 0 | 0 |
| Кызыл-Кыя | 0 | 2 | 1 |

**Диаграмма 5: Шаар чектери боюнча укук бузуунун түрлөрү жана саны**





Укук бузуулардын көпчүлүгү Бишкекте болгондугуна байланыштуу, төмөнкү таблицада жана диаграммада райондор боюнча маалыматтар келтирилди, анда көйгөйлөрдүн көпчүлүгү Свердлов районунда пайда болгондугу көрүнүп турат.

**Диаграмма 6: Бишкек шаарынын райондорунун чектери боюнча**




Техникалык катаалдыктар бир нече категоричларга бөлүнүштү: (1) жекелештирүүчү жабдыктын бузулушу; (2) АЭУ бузулушу, запастык АЭУ бузулушу; (3) маалыматтар базасынын серверинин жана ноутбуктун бузулушу; (4) комбо-ридердин бузулушу (паспорттун МРЗ зонасын окуу боюнча); (5) монитордун бузулушу. Добуш берүү күнү байкоого аллынган бир да УШКда комбо-ридер менен болгон көйгөй келип чыккан жок, бирок башка аппаратура, өзгөчө АЭУ тилекке каршы тизмеден чыкты.


**Диаграмма 7: Техникалык бузулуулардын түрлөрү**




«Башкалар» категориясына мурдагы бузулууларга киргизилүүгө мүмкүн болбогон учурлар кирет. Мисалы, Бишкекте №1052 УШКда электрощиттеги тетиктерди чалынтпоосун сактабагандыктан техникалык бузулуу жаралган, №1338 УШКда жекелештирүүчү жабдык жаранды тааный албай койду, экранда башка сүрөт чыкты жана бул жаран добуш берүү укугун жоготту. Белгилей кетчү нерсе, техника менен байланышкан учурлар көп катталгандыгына карабастан бул көйгөйлөр бат эле чечилип

жатты. №1318 УШКда МКК аппаратурасы шайлоочуга чек берген жок, буга байланыштуу шайлоочу добуш бере алган жок.


**Диаграмма 8: Аппаратуралардын бузулушунун узактыгы**




Эң эле олуттуу укук бузуулар добуш берүү процедуралары менен байланыштуу, алар 7 категорияга бөлүнүшөт: (1) УШКны ачуу процедурасын бузуу ( 7.00ден-8.00); (2) Добуш берүү процессиндеги процедураны бузуу ( 8.00ден-20.00); (3) добуш берүү жашыруундулугун бузуу (добуш берүү кабинасында бир нече адамдын болушу, (фото-видео фиксация, бюллетенди демонстрациялоо); (4) УШКнын ишине мамлекеттик органдардын ЖӨБ органдарынын кийлигишүүсү; (5) УШКдагы үгүт; (6) кайсы бир талапкердин пайдасы үчүн административдик ресурсту колдонуу; (7) Шайлоочуларды сатып алуу.

Тынчсыздануунy жараткан эң эле кооптуу окуялардын бири административдик ресурсту колдонуу УШКда көп жасалчу укук бузуу болуп эсептелет, ошону менен бирге шайлоочуларды сатып алуу боюнча маалыматтар түшкөн. Добуш берүү жашыруундулугун бузуу да көп орун алды, өзгөчө УШК мүчөсү АЭУнын жанына туруп алганда жана бюллетендерди АЭУ салуу процессине көзөмөл жүргүздү. Айрым участкаларда чүчүкулак өткөрүлгөн жок.

**Диаграмма 7: Добуш берүү процедурасынын бузулушу**



*Административдик ресурс*

15-октябрда административдик ресурсту колдонуу шайлоочуларды участкага ташуудан тарта кимге добуш берүү керектигине үгүт жана сунуштарга чейин ар кандай формада болду. Бир катар участкаларда жеңил автоунаалар жана маршруттук таксилер менен шайлоочуларды ташуу учурлары катталды. Мисалы, Бишкектин Свердлов районунда №1362 кошумча участкасында болжол менен 60ка чукул адамды ташуу фактысы катталды, алардан курсанттар, медициналык кызматкерлер, укук коргоо органдарынын кызматкерлери бар.

ЖОЖдо, АОКОЖда жайгашкан участкаларда добуш берген студенттер УШКдан тышкары турган адамга катталып жактан фактылар катталган. Болжол менен 8.30да №1060 УШКда Бишкектеги Кыргыз улуттук университетинин имаратында бир аял көзгө урунган, ага студент кыздар добуш берүүдөн чыккандан кийин отчет берүү үчүн ал аялдын жанына келишкен. Сүйлөшүүлөрдөн маалым болгондой бул аял студент кыздардын куратору болгон. Биздин байкоочу ага эскертүү бергенден кийин ал аял жана студенттер ар тарапка тарап кетишти. Жалалабатта (УШК №2100) жана Баткенде (УШК №8072) да белгилүү бир адамдарга келип добуш берүүгө чейин жана кийин белгилөөдөн өткөн студенттердин тобу аныкталып жазылды. Айрым участкаларда добуш берүү имаратынын алдында мамлекеттик жана муниципалдык органдар, мамлекеттик ишканалар туруп калганы фиксацияланган, алар добуш берүүгө катышкан өздөрүнүн кызматкерлерин тизме боюнча белги коюп кете берген (мисалы, Нарындагы №4077 УШК).

Карасууда (№ 5267) Карасуу шаардык кеңешинин депутаты бир нече ирет добуш берүү имаратына кирген. Ал эми Джалал-Абадда (УШК №2105) жергиликтүү кеңештин депутаты 3 саат убактысын ошол жакта өткөргөн, биздин КМБ тарабынан акт түзүлүп АШКна арыз жазылган. Арызды кароонун жыйынтыктары боюнча АШК тарабынан УШКнын төрагасына көрсөтмө берилип, андан кийин депутат имараттан чыгарылган. Бишкекте (УШК №1149) РАБнын начальниги добуш берүү имаратында 15-20 мүнөтчө болуп, мында ары-бери эркмн басып жүргөн, шайлоого келген шайлоочулар менен сүйлөшкөн. Байкоочулардын эскертүүлөрүнөн кийин гана чыгып кеткен.

*Шайлоочуларды сатып алуу*

Шайлоочулардын добуштарын сатып алуу жеке айыптоо кылмыштарына кирет (т.а. иш жабырлануучунун арызынын негизинде гана козголот), аны далилдөө кыйын.

Биздин байкоочулар шайлоочуларды сатып алуу деп атаса боло турган фактыларды аныкташкан, талапкердин тарапташтарынан акча алган жактар баш тарткандыгына байланыштуу биз расмий арыз бере албайбыз жана муну документтер менен тастыктап бере албайбыз.

Мисалы, Бишкекте №1310 УШКда бир аял акча сунуштоо менен Жээнбековго добуш берүүнү сунуштаган, анын макулдугун алгандан кийин паспортун алып анын маалыматтарын кайра жазып алган. Биздин байкоочунун көңүл бурганын байкаган аял тиги киши да көздөн оолак кетишкен. №1324 УШКда башка аял байкоочунун бейжигин көрүп дароо автоунаага жашырынган. Токмокто (№7070 УШК менен жанаша) Тойота Лэндкрузер автоунаасы байкалган, ага шайлоочулар кезек кезеги менен келишип акчаларды алышкан. Джалал-Абадда (УШКры №2096 жана 2399) добуш берүү өткөрүлгөн имараттын жанында акча тараткан адамдардын тобу байкалган (1000 сомдон), алынган маалымат боюнча ушул шайлоочулар шайлоо алдында 1000 сомдон акчаларын алышкан.

Өзгөндө (УШК №5063) КМБ добуш берүүдөн кийин шайлоочуларга акча тараткан Бабановдун агитаторлору менен автоунаа жөнүндө маалымат алган.

*Үгүттөө*

Өзгөндө биздин байкоочу (УШК №5063) участкага адамдардын тобун алып келген адамды байкап калган, ал залга кире бериш жерде туруп Жээнбековго добуш берүүгө тикелей көрсөтмөлөрдү берип турган. Байкоочунун эскертүүсүнөн кийин УШК мүчөлөрү ага эскертүү берип ал жерден чыгарып салышкан.

*Шайлоочулардын тизмеси*

Шайлоочулардын тизмеси боюнча эки негизги көйгөй: бул шайлоочу ошол УШКнын шайлоочуларынын тизмесинде жок болуп, ал эми ал тууралуу маалымат башка региондогу же УШКда табылган учур, ошону менен бирге шайлоочу шайлоочулардын тизмесинен да, электрондук маалыматтар базасынан да, кагаздагы тизмеден да табылбаган, бирок биометриканы бергендиги тууралуу тактамасы бар болгон учур.

| Укук бузуунун түрү | Инциденттердин саны | Жалпы салмагы , % |
|---|---|---|
| Шайлоочу ошол УШКнын шайлоочуларынын тизмесинен табылган жок, ал тууралуу маалыматтар башка УШКда же региондо табылды | 10 | 62,50% |
| Шайлоочу шайлоочулардын тизмесинен табылган жок, электрондук маалыматтар базасынан да табылган жок, кагаздагы тизмеден да табылган жок, бирок биометриканы бергендиги тууралуу тактамасы бар | 5 | 31,25% |
| Башкалар | 1 | 6,25% |

УШКдагы жыйынтыктарды белгилөө боюнча, биздин байкоочулардын көпчүлүгү участкадагы добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча протоколдорду алууда кыйынчылыктарга дуушар болушкан фактыны алдын ала белгилей алабыз.

## VII. СУНУШТАМАЛАР

1. «Жарандык платформы» Коомдук фондунун байкоочулары тарабынан айрым УШКда добуш берүү жайынан тышкары жерде добкуш берүү арыздарынын реестри илинген эмес.

**Сунуштама:** жогорудагылардын баяндалышы менен КР Административдик жоопкерчилик тууралуу кодексти карап чыкса болот.

2. Биздин байкоочулар тарабынан шайлоочулар участкага келишип өздөрүн форма 2 арызы боюнча башка участкадагы шайлоочулардын тизмесинен таба алышкан учурлар катталган. Мында алар өздөрү арыз беришкен эмес. Белгилей кетчү нерсе колдонуудагы мыйзамдарга ылайык, форма 2 шайлоочунун жеке өзү тарабынан берилет, ал эми бул эреженин бузулушу боюнча биздин узак мөөнөттүү байкоочулар УШКнын мүчөлөрү арыздарды шайлоочулардан эмес башка жактардан алган бир нече окуяларды аныкташкан.

**Сунуштама:** шайлоо дареги боюнча добуш берүүдө жарандардын укуктарынын бузулушуна жол берген УШК мүчөлөрүнө карата административдик жоопкерчилик колдонуу мүмкүнчүлүгүн кароо (Административдик жоопкерчилик тууралуу Кодекстин 59-беренеси). Ошону менен бирге УШК мүчөлөрүнүн арасында форма 2 арызын жеке шайлоочулардын өзүнөн кабыл алуу боюнча түшүндүрүү иштерин алып баруу.

3. Биздин уюмдан бир нече кыска мөөнөттүү байкоочулар УШКда аккредитациядан өтүп жатып комиссияга аларга байкоочунун күбөлүгүн берүүдөн баш тарткан. Мында УШКры байкоочуларга тиешелүү күбөлүктөрдү берүүгө болбой тургандыктарына жана кээ бир учурларда бул күбөлүктөрдүн тийиштүү бланкынын жоктугуна, алардын түгөнүп калганына шилтеме жасоо менен берүүдөн баш тартышкан.

Бул кырдаалга байланыштуу биздин АШКна берген талапка ылайык, алар жооп кайтарышты, анда БШК АШКна, УШКна коомдук байкоочулар үчүн чектелген сандагы күбөлүктөрдү берген, ага байланыштуу көп байкоочулар аккредитациядан өткөн айрым УШКда күбөлүктөр керектүү санда болгон эмес.

**Сунуштама:** БШК жана төмөн турган шайлоо комиссиялары кийинкиде коомдук байкоочулар үчүн жетиштүү сандагы күбөлүктөрдү чыгарууну кароосву зарыл, ушундай укук бузууларга жол бербөө үчүн.

4. **Сунуштама:** шайлоочуларды сатып алуу учурларына карата азыркыга чейин кылмыш жоопкерчилигине тартуу тартылышы мүмкүн болгон жактарды аныктоодогу бөлүмдөгү жазык мыйзамдарын күчөтүү маселеси актуалдуу бойдон калууда. Ошону менен бирге добуштарды сатып алуу кылмышын жеке айыптоо иштеринен жеке-ачык айыптоо иштерине өткөрүү маселеси каралбай калды. Бул кылмыш санкцияларын күнөөлүү жактарга карата натыйжалуурак колдонууга мүмкүндүк берет, шайлоочуларды сатып алуу учурларынын санынын кыскарышына мүмкүндүк берет.

5. Угут оноктугунун озгочолукторунун бири PR материалдары менен шайлоо фондунун макалаларынын журулушуусу болду. PR материалдарын маркировкалоо эрежелери сакталгандыгына карабастан ЖМКлар тигил же бул талапкерге угуттоону чагылдырып жатты.

**Сунуштама:** мыйзамдык денгээлде бул PR макалаларга карата жана кадимки жанылык репортаждарына колдонулчу терминдерди аныктамаларды так ажыратуу керек.

6. Белгилей кетчу нерсе, угут оноктугу мезгилинде жеткиликсиз маалыматтар кенири жайылып кетти (кара пиар).

**Сунуштама:** «кара пиар»га жана жалган маалыммат таркатууга карата жазаны кучотуу керек.

7. Талапкерлердин катышуусу менен болгон теледебаттар коомчулукта кызыгууну жаратты жана талапкерлерге актуалдуу маселелер боюнча оз ойлорун айтып алуу мумкунсулугун берди.

**Сунуштама:** улуттук телеканалдарда теледебаттардын санын эфир убактысы менен кошо жогорулатуу керек, анткени ар бир талапкер оз программасын кенири тушундуруу мумкунчулугуно ээ болушу керек. Мында дебаттарды откоруу жана трансляциялоо угут оноктугунон баштап ар аптада откоруу сунушталат.